## Алгы Сөз

*Мезгилдин агымына жараша кыргыз элинин көптөгөн көркөм чыгармалары, ата-мурасы болгон ар түрдүү элдик казынада сакталып калган баалуу эмгектер кыйла жылдар бою басма бетактарда жарык көрбөй келген. Төмөндө, сиздерге тартуулап жаткан Ыбырайым Абдырахман уулунун «Казак-кыргыз окуясы» аттуу даректүү поэмасы да, учурунда эске алынбай калган ошондой чыгармалардын бири. Бул поэманы автор манасчы Сагымбай Орозбак уулунун айтуусундагы вариант боюнча жазып алыптыр. Поэманын өзөгүн чагылдырган окуялар өткөн тарыхыбызга түздөн-түз тиешеси бар болгондуктан, аны толук бойдон окурмандардын таразасына коюуну туура таптык.*

*Ы. Абдырахман уулу бул эмгегин 1939 -жылы, латын арибi менен жазыптыр. Бул кол жазма бүгүнкү күндө Кыргыз Илимдер Улуттук академиясынын колжазмалар казынасында (Инв. № 516 / 269. - 83 бет) сакталып турат. Ал убагында азыркы кыргыз арибине которулган жана бир нече көчүрмөсү бар. Поэманы басууга даярдап жатып, анын түп нускасын өзгөртпөй берүүгө басым жасалды. Ошондуктан, ал поэмада эскерилген тарыхый инсандарга, географиялык аталууларга, архаикалык сөздөргө жана кээ бир окуяларга кыскача түшүндүрмөлөр берилди.*

***Жолдошов Рыскул***
***Тарых илимдеринин кандидаты, доцент***

*Бул Кененсарынын окуясын бала кезимден эле карыялардан көп угуп, кулагым абдан канган. Ырларынын кээ бирлерин ошол замандагы ырчылар айткан, көпчүлүгүн өзүм жаздым. Ырларынан да жазып алып калбаган менен, Сагымбайдын айтышы кулагымда кыйла калган.*

***ЫБЫРАЙЫМ.***
*1939ж. май.*

## КАЗАК, КЫРГЫЗ ОКУЯСЫ[1]

*/1848-ж. болгон окуялар /*

## ОШО ЗАМАНДЫН ЫРЧЫЛАРЫ АЙТКАН:[2]

«Чүйдүн сары жылаанын, арбашканын айтайын.
Кененсары[3] Ормондун,[4] кармашканын айтайын.
Казак менен кыргыздын, четтешкенин айгайын.
Орус менен кытайдын, беттешкенин айтайын.
Сарыаркадан Кенен хан, жол жүргөнүн айтайын.
Кыргызды жөнгө салам деп, мол жүргөнүн айтайын.
Чүйдү бойлоп жол жүрүп, түрүлгөн кошуун жол жүрүп,
Текликтин сеңирге[5], келген жерин айтайын,
Майдөбөнү[6] май кылып, өлгөн жерин айтайын.
Акмоло келген орусту, токтотконун айгайын.[7]
Салтанатын санкаптан, окшотконун айтайын.
Ормон хандын Кененге келген жерин айтайын.
Артында Кенен Ормондон, өлгөн жерин айтайын.
Сарыаркада казакты, айдап жүрүп жеп келди,
Сарбагышка Кенен кан, аким түшөм деп келди.
Солтого тукум койбостон, соолтомун деп келди.
Саяк менен Бугуга, жан койбосмун деп келди.
Кыргызда мендей эр барбы, бетиме каршы чыгууга.

Бул Кенен-хандын түпкүлүктүү максаты казак-кыргызга душман. Чыңгыз-хандын уругунан, түбү калмакка туушкан. Мунун бабасы Чыңгыз,[8] тукумунан балакети көп болгон жылгыс.

## КЕНЕНСАРЫ КАНДЫН ОРМОН КАНГА ЭЛЧИ ЖИБЕРГЕНИ:

Кененсарынын Эржан, Сарыжан, Ноорузбай[9] деген туугандары, Агыбай деген баатыры болуп, баары чогулуп, Кененкандын кырк төрө деп аталган төрө тукумдары казактын ар бир элине барып, ак үйлүү турушуп, казак элин эзип турушат.[10]

Төрөлөрдүн ичинде Кененсары, Норузбай артыкча залим болуп, кошоматына тартуу тартмак алып келип турбаган үч жүздүн казактарын кекетип: «Байталы жал алган экен ээ», - деп тундура чаап алып турган.[11]

Кененсары ошентип, үч жүздүн казактарын бүт бийледим деп турган учурда Сибир, Акмоло казактары өз ыктыярлары менен орус падышалыгына элчи жиберип, [аларга] карай баштаган.

Кенесары, Ноорузбай колдорунан келгендерин аябастан оруска караган казактарды чаап, Акмолого келген орустарга да кыйла зыян келтирет.

Кененсары бир чети орус, бир жагынан казактар менен жоолошуп отуруп, акыры Семей областы менен Жети-Суу жерлериндеги казактарды гана башкарып калат.

Кененсары казак баатырларын жамгарып[12] кеңешип, кыргыздын каны Ормонго чечендеринен элчи жиберип, айтат: «Мен орус менен беттешип жатам, эгер орус барса сени соо кылбайт, колуңдан бийлигиңди алып, жериңден ажыратып, аны менен жөн койбой, кыргызды кул кылат», -деп орустун кылыгын билгенинче айтып жиберет.[13]

Бул кезде кыргыз, казактын арасы да өтө бузулууда болуп, барымта алышып, үй чабышуулар жыш болуп турган болучу. Таластагы кушчунун Бүргө баатыры да казакка кол салып турган.[14] Кененсары Таласты бир жолу чаап да кеткен[15].

Кыргыздын кыйласын сойгон, өзүнө төрө деп атак койгон.
«Бас алдаяр» деп, казак баш койгон.
Бул Чыңкыздын тукуму,
Кызыкты кыла берген, кыргызды кыра берген.
Ушул айтылган Кененкан, атасы мунун Касымкан,
Чоң атасы Абылайкан, бул да кыргызга асылган.
Жердеп турган жери, Сары-Суу деген жер болуп,
Бул кезде төмөнтөн орус келип толуп,
Кененкандын башы тел болуп.
Кыргыздан кабар алды, Ормонго элчи салды.
«Оролдон ашып, Омбуну басып, оозу түктүү орус келди,
Жолукканды соруп келди.
Бышырып жанды, бышкан чөптөй оруп келди.
Жакшы жерди алып, жан жолотпой соруп келди.
Камынган иши, казакты бүтүн алмак.
Жайлуу жерине келтирип шаар салмак.
Белгилүү азаматтардын баарын алмак,
Бейпайга казак-кыргыздын баарын салмак.
Кызыгын көрөсүң, анан кыргыз сага бармак.
Күч-кубатым кетти, казакка балта жетти.
Эми кыргыз сага барат, бүлүктү мыктап салат.
Араба менен чанасы бар, ар кандай түрдүү санаасы бар.
Адемдеп салган калаасы бар, сары башыл баласы бар.
Набакты деген ору бар, жайып койгон тору бар.
Набактыга түшкөн жандын, толуп жаткан шору бар.
Боп деген чачтуу молдосу бар, тил билген ногой доргосу[16] бар -
Келтирип кеңеш сөз курган, кеңсалар деген ордосу бар.
Жүргүзгөн элге элчиси бар, кабар алчу ченчиси бар,
Табыптын атын бура салган, доктур деген эмчиси бар.
Кара жолдун кашында, карагайдын башында,

Көмкөрүп койгон чынысы бар.
Чыны үстүнө жүргүзүп, тартып койгон зымы бар.
Тилгиремдын кагазы, тили миңдин баасы.
Дин мусулман баласы, келбейт [деп] ойлойм чамасы.
Темирден кылган такасы бар, жемиштен кылган бакчасы бар.
Алтын, күмүш, асыл бул жок, ак кагаздан акчасы бар.
Бул аярдыгын билгизет, айтып сөзгө киргизет.
Акчам ушу билет деп, ак кагаздан жүргүзөт.
Оң сүйлөсөң терс сүйлөп, адамдын ичин күйгүзөт.
Айласы мунун кандай болот, айлыбыз кандай конот?
Эсеби мунун кандай болот, элибиз эми кандай конот?
Элдин сырын алдырбай, жердин ченин билдирбей,
Кайрат кылып, камынып туруп,
Жолун тозуп, кагылыш кылсак кантет?!» деп, элчисин жөнөттү.

Орустун бийлеп жүргөн колонизаторлору элчи жибергенин өзүнүн агенттери аркылуу билип, кыргыз-казактын арасын ажыратуу үчүн жана Кенесарыдан да коркуп-коопсунуп, пулдун күчү менен казактарга сүйлөшүп, кыргызга жиберген элчисинин ичине өзүнүн агенттерин кошот. Оруска болушкандар Ормонго келип, Ормон элчини жакшы күтүп, айтат: «Кенесары кандыкты мага берсин, мен улуумун, калган ишти өзү билсин» -деп сыйлык берип узатат. Кайтып бара жатып, элчилер жылкы уурдап качат. Кыргыздар кармап, Ормонго алып келет. Ормон: «элчи эмес, ууру экенсиң» -деп, кулагын кесип алып, айдап жиберет.

## КЕНЕНСАРЫ БААТЫРЛАРЫН ЖЫЙЫП, КЕҢЕШКЕНИ:

Кененсары: «душман орус эмес, кыргыз экен» -деп, урушту кыргызга жүргүзмөк болот. Кененсары кыргыздын тукумун курутам деп, улук, баатырынын баарын чакырып, кеңеш курат. Бөлтүрүк чечен[17] кыргызды мактайт.

Эл жыйылып болгон соң, үстүнө жыйын толгон соң.

Кененсары кеп баштайт: «Орус эмес кыргыздан,

Жаңыдан душман табылды.

Каргашалуу кыргыздар, кайратыма кабылды».

Бул кезде Кененсарынын кашында: Чубуртмалуу элинен - Агыбай баатыр, Аккойлуу - Байызак датка, Чапырашты элинен Шоорук баатыр, Ботбай элинен - Супатай баатыр, Бөлтүрүк чечен, Эржан, Сарыжан төрөлөр, тентек Ноорузбай иниси жана толуп жаткан төлөнгүттөр[18] болот.

Кененсары айтат: «Элчилике өлүм жок, жуучулука кордук жок деген илгертеден келген жол бар эле. Бул кыргыз жолду бузуп, элчимдин кулагын кесип, санат кылыптыр. Эми мен кыргыз менен тим турбай кагышам. Кыргызда жолборс чапкан үч баатыр бар, ошол үчүн колго алсак, башкасын серпүүгө келтирбейбиз.
Ормон кандын иниси Түлкү[19] карагайдын ичинен капыстан качырып чыккан жолборсту мылтыктын көчүгү менен жыга чаап өлтүргөн. Жолборс чапкан 2-чи баатыр солто элинен Жаманкара деген болот.[20] Үчүнчү жолборс чапкан баатыр

Жумгал деген жерде, саяк деген элинен Качыкенин Түлкүсү[21] деген болуп, Анжыяндагы кайнына барып күйөөлөп жатканда, камыштын арасына жатып алып, жол бербей койгон жолборсту Кокондун канынын алдына жыга чаап өлтүрүп, абийир тапкан.
Кары-жашың турасың, буга кандай жооп кыласың?
Чапырашты Шоорук[22] сен, кабарын уккан чыгарсың;
Кыргыздын кыйынынан,
Жолборс кармаган үч баатыры бар:
Сарбагыш деген элден, Ормондун иниси болгон.
Баатырлыгында чени жок, эч жеринде кеми жок.
Аты Түлкү, айбаты күчтүү.
Жолборстун башын мылтык менен жара чаап өлтүргөн.
Экинчи саяк уругу, Жумгалда туругу,
Качыке баатырдын баласы,
Кандай кылса колунан, келе турган айласы.
Мунун аты дагы Түлкү, аңгемеси күлкү.
Анжиянда кайны болгон,
Кайнына барып, күйөөлөп жаткан жеринде,
Кан уу кылып, калкка кабар салган.
Ал ууга [...] калктын баары барган.
Бир туюк черге, токойлуу жерге, жолборс жатып алган.
Бул жолборсту атууга, адам чыдап барбаган.
Кан башында турган, калкка жарлык кылган.
Бул жолборсту алганга, абийир таап калганга.
Качыкенин Түлкүсү, Түлкүнүн келген күлкүсү.
Өзүнө күч-кубаты ишенимдүү,
Өлсөм душмандан өлөйүн деп,
Өлбөсөм абийир таап келейин деп,
Жолборско барган, башын чаап салган.

Үчүнчү[сү] Жаманкара баатыр. Чүйдө жайылган малды, баскан жанды жеп, койбогон жолборсту колуна аркан чырмап барып, жолборсту өлтүргөн. Кененсары үч баатырды өлтүрүп, кармап бер деп, Шоорука тапшырат. Ушуларды өлтүрсөң, башкасынын айласын өзүм табам дейт.

## БӨЛТҮРҮК ЧЕЧЕНДИН СӨЗҮ:

Калың жыйындын ичинде Бөлтүрүк чечен кыргызды мактап айтат: «Кыргыздын жердеген жери бийик чеп, жоого алдырбай турган Ала-Тоосу болуп, бул тоону илгертен бери жердеп келген кыргыз. Кыргыз жоого шайдоот чыйрак эл болуп, көздөрү кызыл, найзалары кыска, өздөрү эр болот» -деп, кыргыздын сыпаттарын айтат: «Ой төрөм, Кенен! Кыргызга атаң Абылайкан[23] да асылып пайда таппай, Бердикожо, Шургуй, Султанбарак, Санбарак баатырларынан айрылган.[24]

Атаң Абылай кыргыздын саягынын Садыр баатырын[25] өлтүрөм деп, кунуна миң казак берген, кыргызга асылба дагы, элчи салып жараш» -дейт.
«Чапанынын этеги саврысын жапкан
Алчын, жаппас, чүмүкөйдөн дандеген чыгарсың!
Ыскырганда давусу кулагыздан өтөтүн ак калпак
Кыргызга жолукмай жүргөн чыгарсың!».
***Эскертүү:*** Кененсары алчын, жаппас, чүмүкөй урууларын жыш чаап, алардын Түлөөкабак деген байынын жылкысын алып, кызын Ноорузбай инисине алып берет. Бул уруулар Кичүү жүздөн болот.

Мамыкта оонап жаткан бир төрө ачууланып айтат: «Кененкандын аманында жараткан кудай болсо да туруштук бере албайт!» -деп.

Бөлтүрүк жооп кайтарат: «Ой карагым, сенин бул кесириң алты кан алачка[26] тиет, кудайга не асыласың?» - деп. Супатай баатыр[27] да Кененсарыга айтат: «Алдаяр бас, кыргыз менен урушпайлы?» -дейт.

Кененсары ачууланып айтат: «Сен, Супатай, кыргызга жан тартып турган жериң бар го, обол кыргыз менен беттешип, анан сени менен беттешсем экен?», -дейт.

Кененсары баштап, жалпы төрөлөрү бул жыйында кыргыз менен челишүүгө убада кылып тарашат. Шоорук, Жаманкараны кармап берүүгө Кенен канга убада берет.

Кан сөзүнө кайтарып, Бөлтүрүк чечен кеп салды.

Кептин жөнүн билдирип, кеп салганда деп салды:

«Алдаяр ханым, аман жүрсүн жаның.
Кыргыз арзан эл эмес, кыйын душман.
Кыргызга барган, кылып кайтат бушман.
Жарагы көп болот, жери бек болот.
Аркайган Алатоосу бар, элине чеп болот.
Ашуусу бийик болот, аңы кийик болот.
Атканы бараң болот, айылы жаамат болот.
Аты күлүк болот, абышкасы чечен болот.
Алышам деген кыргыз менен айыкпаган кесел болот.
Сөзү узун болот, көзү кызыл болот.
Найзасы кыска болот, кепке уста болот.
Жоодон качпайт, ашыгып шашпайт.
Бет алдынан бара берет, баргандары майданды сала берет.
Тоосунун башынан, ак кар кетпейт.
Кыямат кылам деген, кыргызды кууп жетпейт.
Алдырып кайтат, арманын айтат.
Атаң Абылайкан, далайды жеңген.
Саяк Садыр канды өлтүрүп,
Садыр кандын кунуна миң казак берген.
Ата, бабаң тынчып жаткан эмес,
Кызыккан менен кыргыздан пайда тапкан эмес.
Алдаяр каным, менин тилимди ал, бул бейлиңден жан?»

Бөлтүрүк муну айтып өтөт.

Керебет тактада, мамык пахтада ныксырап жаткан Казактын төрөсү Төлөңгүт. Бөлтүрүктү кага сүйлөп, текебер менен сөз айтат:
«Кыргызды мактайсың,
Мактаганың кеп эмес, адамга бул сөз эп эмес.
Атпай алач, түрүлүп барса, түйшүктү салса,
Кененкан төрө, ачуусу келсе,
Кара кыргыз эмес, кудайды да жеңбейби?
Үркөрдөй болгон төрт кыргыз, колунан келбейби?
Калмакты жеңди, колунан келди.
Орусту жеңди, жеңгенин көзүң көрдү.
Онун несин айтасың, калың кошуун бармак керек,
Кыргыздын баарын, кыйратып чаап салмак керек.
Кыз-келинден олжо алып, кыйласын бөлүп алмак керек».
Төрөсү муну айтып өттү. Бөлтүрүк жана жооп катарында айтканы:

«Ой төрөм, Төлөңгүт, текебер сөзүң пайда кылбайт.
Казак кыйрата бер деп, кыргыз карап турбайт.
Чениң менен эсир, бул айтканың кесир.
Кыргыздан кыз-келин алмак турсун, өз аялың калат жесир.
Токтоло элек баласың, жаштыгыңдан айтасың.
Сапырып сары кымыз ичкен, мастыгыңдан айтасың.
Канаат кыл бул жайга, катылбагын кудайга.
Катылыш кылсаң кыргызга, каласың кайгы-убайга.
Ойронду кыргыз салат, олжону кыргыз алат.
Ой пирим ай, кантесиң, өлүгүң талаада калат.
Кыргызга катылба, балакетке чатылба.
Башың колго түшүп, байталга сатылба?
Кордук көрбө, талаада өлбө?
Намысын бербейт, кыргыз колуңдан келбейт.
Ала-Тоого барган, айланып үйүн көрбөйт.
Кененсары кан, бул бейлиңден жан?».

Кенeнсары, Шооруктан чакыртып алып, солто Жаманкара баатырды баш кылып, 3 баатырын өлтүрүшү:

Кенесарынын сөзүн көңүлүнө түйүп болгон,
Тапшырган иши кыйын болгон.
Шоорук үйүнө келип, калың казак жыйын болгон.
Кенен кандын жардыгын калкына айткан.
Солто деген элде Жаманкара баатыр бар.
Сарбагыш деген элде, Түлкү баатыр бар деген.
Саяк деген элде, Качыкенин Түлкүсү бар.
Бул үч баатырдын атагы, элге угулган чатагы,

Качпай кирип, кабылан, жолборс кармаган.
Буларды алдап чакырып алмак болдум, аңгемени салмак болдум.
Буларды колго түшүрсөм, Кененкандан чоң даража алмак болдум.
Жаманкараны чакырып алам, эбин таап элчи салам.
Кары-жашың угуптур, кайрат кылып чыгып тур.
Жолборстун жаткан жерине, ит даабайт деген сөз бар.
Кенен кан аман турганда, бизге нээ кылар дейсиң.
Буга түрүлүп кошун бармак керек, жылкысын тийип алмак керек.
Жылкы колго тийген соң, арага элчи салмак керек.
Журт бололук деп, Жаманкараны алдап, чакыртып алмак керек.
Жаманкараны жайлап, кош Түлкүгө, кошуун менен бармак керек.
Кош Түлкү колго тийген соң, Ормонго ойрон салмак керек.
Муну айтып Шоорук кеңешин бүтүрүп, кошуун алып жөнөйт.
Чапырашты Шоорук ал, көпкөндүктөн оолуккан.
Солто элинен, бөлөкбай деген уругунан,
Калың жылкы алып, айдап жолго салып.
Кайтара жолун басып, Каштек ашып[28] Шоорук үйүнө барган.
Барган замат карап турбастан, элине масилет[29] салган.
Жаманкарага элчи жиберет.
Жаманкара баатыр, элибиз чектеш жатыр.
Жылкыңды алдым, мен бир айып иш кылып салдым.
Өзүңүз келип, казак, кыргыз арасын,
Калба кылбай эл кылып, кайрып анан кетиңиз.
Жаманкара менен Шоорукта, казак, кыргыз жайланып,
Жакшы турду деген сөз калсын.
Айыл аралаш консун, кой короолош болсун.
Жигит жоролош болсун.

Ушундай заман баштап, калкты тынчыталы -деп, Жаманкараны чакыртып, элчи жиберди. Шоорук баатыр азыркы Каштекти жердеп, кыргыз менен ирегелеш турган. Шоорук солтодон жылкы алат да, «Жаманкара келип, жылкысын кайра алып кетсин. Экөөбүз жакшы сүйлөшүп, кыргыз менен казактын ортосун таттуулаштыралы» деп чакырат.

Элчи келди, катын берди, арамдык албай, оюна салбай.
Жаманкара жарлык менен жөнөп калды, жолдош алды.
Өзү менен он үч болуп жолго салды,
Жылкысы кеткенден, Кедейбай деген бала кошо барды.

Жаманкара баатыр 12 жолдош менен Шоорука жөнөйт. Жылкысын алдырган Кедейбай деген 13 жаштагы бала кошо барат.

Баргандар атактуу баатыр Жаманкара, анын акылдаштары акылдуу Болот, Алымбек, Күрпүк баатыр, Карачолок, Кедейбай жана калган жолдоштору менен барат. Шоорук Күрпүктү бир топ жолдоштору менен кайрып жиберет да,

Жаманкараны төрт жолдошу менен канга алып барат. Канга барып жарашып, ынтымакташабыз деп, Кененканга барат. Кан сыйлабайт да, айылдан ыраак тигилген бир жаман кара үйгө түшүрөт. Шooрук Кенен канга кабар берем деп, мурун барып, канына айтып турат.

Үйгө түшүргөндө, ат алган кишилер токтотпой эле аттарын алып кетет. Кирип баратып, Кедейбай атты алып кеткенин көрөт. Үйүнө кирсе, төө ком салган, эчтеме жок, кирип, өздөрү да шектенип, Болот акылдуу билгич киши экен: «бул каныңдын бейли жаман го, мындай кылганы арзан иш эмес го?» дейт. Жаманкара: «эмне кылмак эле», -деп тоотпойт.

Кеч киргенде арык, карган койдун этин алып келет. Эт деле желбейт, азыраак ооз тийип кеч кирет. Ошол учурда казактар жортуп барганда бир карган казактын жалгыз баласы кыргыздын колуна түшүп калган экен, кандан уруксат алып, баламдын кабарын билген бар бекен, сурап келейин, эгер баламды билгени болсо, мага бериңиз, баламды таптырып алайын дейт. Кан уруксат кылат. Ал казак келип, Жаманкаранын жолдошторунан сурайт.

Алар айтпайт да, көрдүк, же көргөн жокбуз деп, ачык айтпайт. Абышка кайра кетет. «Эртең да келем, эгер билсеңер айткыла? Кандан кутказып алам, кандай жаза буюрса да», деп. Ал кеткенден кийин, өздөрү кеңешип, «казактын баласын айтпайлы, эмне болсок көрөрбүз. Казактын баласын айтып берип, ошондон жан кутказып, кыргызга келиптир дедиргенче, өлтүрсө өлүп каларбыз» деп, өздөрү убадалашып, айтпоого кеңешин бүткөзөт. Ошо барган күнү Кенeнсарынын Бопуйкан деген карындашы келип, жабыктан шыкаалап, Жаманкараны көрүп кетет да, үйүнө барып, Кененсарыга айтат: «Жаманкараны өлтүрбө, жалдуу кара сырттан экен, муну өлтүргөн жакшылык көрбөйт» дейт.

Кененсары: «андай болсо тийип албайсыңбы?» -дейт. «Тийсе тийип да алчу киши экен!» -дейт Бопуйкан.

Кеч кирет, Жаманкара жолдоштору менен жатып калат. Таң атат, эртеси күн шашке болгондо, баягы баласы жоголгон абышка келет. «Силерди өлтүрүүгө токтом болду. Азыр желдеттер келет да өлтүрөт. Кимиңер билсеңер айткыла, өлүмдөн куткарып алам», -дейт. Убада боюнча бардыгы «көргөн жокпуз» дейт. Казак чыгып бара жатканда, Кедейбай бала көзүн ымдап коёт. Казак чапкылап отуруп, канга барат. «Бир жаш бала бар экен, ошол чыгып келе жатсам көзүн ымдады, жолдошторунан айбыгып айта алган жок, ошону бериңиз билет окшойт» деп. Кан баланы берет.

Учкаштырып алып, үйүнө алып барып, кемпирине сүйүнчүлөп, сүйүнүп калат. Баргандан кийин Кедейбай айтат: «Ата мени бала кылып алыңыз, менин туугандарымдын баары келип, өлүп кетти. Сиздин кызматыңыздын өтөсүнө чыгамын!» дейт. Макул деп, багып алат. Жаманкара баатырды ыксыз көп казактар чогулуп, араң өлтүрөт. Казактар өлтүргөн баатырлардын эки жаккы бөйрөгүн оюп алып, эки колдорун чөнтөккө кол салган сыяктуу салып коёт.

Жаманкара баатыр эки күнү өлбөстөн, эки бөйрөгүн таянып отурат да өлөт. Казактар баатырлардын өлүктөрүн кумга оюп таштайт. «Эми ага менин жолдошторумду кайда өлтүргөн экен, билип келип бер - дува окуй жүрөлү» - дейт, Кедейбай. Атасы барып, өлтүргөн жерди билип келип берет.

Кандын желдеттери келип, Жаманкараны үч жолдошу менен апарып, тоодогу кумга көөмп таштайт. Бала агасына көрсөттүрүп алып, кийин кыргызга качып келгенде, киши апарып, издеп таппай коёт. Көмгөн жеринин баарын кум чайкап калат. Бала аман кутулуп келген.

Жаманкараны өлтүргөнүн угуп, Ормон кан кыргыздын баатырларын чакырганы: «Солтодон Жангарач,[30] Тынайга[31] айт!

Бугудан Боромбай,[32] Балбай,[33] Канайга[34] айт!

Саяктан Медет даткага[35] айт!

Чериктен Ажыбек,[36] Максүткө[37] айт!

Сарыбагыштан Жантай,[38] Төрөкелдиге[39] айт! Кепке жетик чеченин, кеңеш тапчу баатырларын калтырбай ала келсин» деп, Жаманкара баатырды чакыртып барып, Кененсарынын өлтүргөнүн угуп, Ормон кыргыздын баатырларын чакыртат. Ормон бул кезде Ысык-Көлдүн күңгөйүндө жаткан. Бул кезде, саяктан: Медет, Алыбек,[40] Черикчи[41] баатырлар эле. Бугудан: Боромбай, Балбай, Өмүр[42] баатырлар эле. Чериктен Ажыбек баатыр эле. Сарбагыштан: Төрөкелди, Жантай, Адыл,[43] Түлөберди, Калпак, Ормонбек, Субанбек[44] баатырлар эле. Солтодон: Жанкарач, Тынаалы,[45] Күрпүк,[46] жетикашка Чыңгыш[47] баатырлар эле. Саруудан Ажыбек,[48] кушчудан Бүргө баатыр эле. Анжыян кыргыздары катышпай калган.

Кепке жетик чечининен, кеңеш тапчу баатырынан калтырбай келсин деп, Сазаны жиберет. Барып, кабар бергенден кийин, кыргыз баатырлары бир баштан келе баштайшат. Биринчи болуп, Балбай баатыр келет, бар жолдоштору менен.

Ормон айтат:
Аптыгып шашпаган, ашык сөздү айтпаган,
Беттешкен жоодон кайтпаган,
Берен Сыргак экен, же иним болсочу, же уулум болсочу -деп айтып, Ормон конокко кончу жерине жиберет.

Экинчи Ажыбек[49] келет, Ормондун үстүнө кирип барганда, эч кимди тоотпогон Ормон Ажыбекке келиңиз деп орун берет. Конок болчу жерине жибергенден кийин, агам болсочу деп, арман кылат Ормон.

Ормон Балбай менен Ажыбектин эң мурун келгенин жактырып айтканы:
Ажыбек агам болсо, Балбай балам болсочу -дейт.

Ошентип, кыргыздын баатыр, балбан, атактуу кишисинин баары келет. Чогулуп турганда, кыргыздын баатырларына Ормон айтат:

Калк жыйылып болгондо, чатырап жыйын толгондо,
Баатыр Ормон кеп баштайт, кеп баштаса деп баштайт:
«Бул Кененсарынын чоң атасы Абылайкан,
Илгертен бери, кыргызга кылганын койбоду,
Казак калкынан илгери, Абылай деген кан чыкты,

Ал бизге душман болду, калаба салды,
Калктын тынчын алды, кыргызга кан койбоду,
Баш көтөргөн эрлерди, башынан бери жойгону.
Башында келип саяк, Садырканды жайлады».[50]

Садырдын айткан керээзи өлөрүндө. Ал керээзди кыргыздан Эсенкул баатыр[51] орундаткан. Садыр айтып өлгөн:
Ылаачын арыш, кыргый көз, Болот бийдин Эсенкул.
Айта көргүн кебимди,
Ушу кызы талак Абылайдан, менин ала көрсүн кегимди.
Тойматтын уулу Жанболот,[52] менин куусун кунумду.
Кан Садыр карып болгону, айтпай калкка угулду.
Агасы Садыр моминтип, армандуу болуп жыгылды.
Жанболот кайрат кылбаса, ким алат менин кегимди.
Өлдү деп мени ойлобой, таштабасын кебимди,
Эр Эсенкул, Жанболот, мен үчүн кайрат кылыңар,
Кубанармын өлсөм да, кунумду кууп тыныңар?»
Кан Садырды сойгон соң,
Кыргызды карып кылам деп, кырып, жоюп тынам деп,
Кылымга санат кылам деп,
Аблай кандан кол алып, арбын черүү мол алып,
Бердикожо жеткени.
Кан Эсенкул баатырдан, Бердикожо баш болуп,
Кыйла казак кырылып, кыяматка кеткени.[53]
Султан Барак - Санбарак, кызыталак, санталак,
Абылай кандан жол алып, 20 миң черүү кол алып,
Бу да келген анталап.[54]
Түндүктүн белин ашыптыр, кең Кочкорду басыптыр,
Кочкор-ата боюнан, Акмазардын оюнан.
Чакмак мүйүз сом куйрук, кочкор таап алыптыр.
Бул кочкорду көргөндө, ажап айран калыптыр.
Карыясы кеп айтат:
«Кочкордун жайын деп айтат,
Ушул жердин ээси, адамдын түшөт назары.
Пири тирүү турбайбы, Кочкор-ата мазары.[55]
Жамандык буга кылбастан, аман эсен кетели.
Ыйык мазар мал экен, кочкорго тийип нетели?»
Карыя айтып турганда, ушу сөздү урганда,
Анык канкор Санбарак, оолугуп карап турбады.
Союп таштап кочкорду, мазарга сийип, булгады.
Мазар дөбө башынан, ак бараң мылтык атылды.
Аптыгып келген Санбарак балакетке чатылды.
Борошо бурганак ургулап,

Жер көрүнбөй чаң болду, көргөн адам таң болду.
Күн көрүнбөй мунарык, жер көрүнбөй тунарып,
Санбарак колу кырылды, жайлайм деп келген кыргызды.
Бул чогулуш өзүндө, карылар айткан сөзүндө.
Бугудан батыр Белек бар,[56] Эсенкулга жөлөк бар.
Булгап найза желегин, жолдош кылып Белегин.
Шамалдан казак качыптыр, дүнүйөсүн чачыптыр.
Артынан кууп кыргыздар, найза менен жанчыптыр.
Бир нечеси кырылып, казак кайтып шашыптыр.
Айтакты кармап алыптыр,[57] алып үйгө барыптыр.
Айтак менен дос болуп,
Ак бараң оозун өбүшүп, аман жолго салыптыр.
Ошо күндөн ушу күн, Каракоо калаа[58] үстүндө,
Айтактын чабы деген жер, атак болуп калыптыр.

Аблай кан Ысык-Көлдөгү кушчу деген элде, Тыныбек дегендин 400 түтүнүн кыйратып, малын-булун алып, эрлерин өлтүрүп, тогуз кызды олжого алып бара жатканда, кыздардын айтканы: Күңгөй көлдүн жээгинде, «Тыныбектин быткылы» деген быткыл азыр да ошол атакта.[59]

Тыныбек кызы Канышбек, кудайга айтып наалыш кеп,
Абылайдын колуна, түшкөнүн айтат Канышбек.
Түлкү жүрбөс түмөн жол, түнүндө кетип барабыз,
Түбү калмак залимдин, колунда кетип барабыз.
Карышкыр жүрбөс каран жол, жолунда кетип барабыз.
Кастык кылчу залимдин, колунда кетип барабыз,
Кандай күнгө калабыз?
Ага тууган эл журттан, алыс калды арабыз,
Бул кордукту көрбөйлүк, кор болуп жүрүп өлбөйлүк.
Иленин суусу чоң экен, зордугуна көнбөйлүк.
Өлүмгө байлап баштарын, түйүштүрүп чачтарын,
Тогуз кыз сууга чөмүлдү, чөмүлгөн жерде көмүлдү.
Азап тартып жүргөнчө, артык көрдү өлүмдү.
Абылай кандын тукуму, араздыгын койбоду.

Алда канча баатырлар, мунун тукумунан сойлоду.
Чакмак алып ойноду,
Келипсиңер баарыңар, улуу-кичүү карыңар.
Сөзгө кулак салыңар,
Жан барында баш кошуп, беттешип найза салбасак,
Мурунку өткөн эрлердин, кунун кууп албасак,
Кантип мындан тынабыз, кандай оокат кылабыз.
Балакеттүү залимден, баш коргоп кантип турабыз.

Алыбыз келсе казакты, Иледен ары сүрөлү.
Кумдан ары кууйлу,
Канын ичип Кенендин, өткөн ишке сууйлу.
Эркек козу тууганда, курмандык үчүн жараткан.
Эркек бала тууганда, намыстык үчүн караткан!»- деп,
Сөзүн айтып бүтүрдү, баатыр Ормон күтүндү.
Солтолордун Жанкарач, тосуп буга кеп айтат:
«Баатыр Ормон насаатың, макул келди деп айтат.
Катынып жатып алганча, катылышып көрөлүк,
Каза жетип, күн бүтсө, кармашып жүрүп өлөлүк.
Кыргыз мынча баш коштук, кымсынбай буга көнөйлүк.
Кызыталак калмакка[60] кыйкырышып өлөлүк.
Биз эмес казак кыйрады[61]  бир далайы ыйлады.
Айтып өтөр кеби бар, атасы душман калмактын
Казак менен кыргызда, кадимден бери кеги бар.
Казак тууган жолдош деп, бизге каршы болбос деп,
Арбак урган ит калмак,
Казак салды бүлүктү, көрсөттү далай түлүктү.
Кыргызды көрүп кызыды, кызып бою ысыды.
Арбак урган калмактын, арбып кетти бузугу.
Текебер кылган адамдын, эгерде иши оңчу эмес,
Эзелде жолу болчу эмес.
Чоң атасы Абылай, Таластагы саруунун,
Чечининен жеңилген.
Кептен, сөздөн жыгылып, көзгө салкын көрүнгөн.
«Кыргыздан сөзгө жыгылдым, көргөнүм ушул деп айткан.
Кан Абылай төрөңөр, өлгөнүм ушул деп айткан.
Үйүнө кайтып барганда, Абылай кайткан жалгандан.[62]
Кан Садырды өлтүрүп, кыргыздан каргыш алгандан.
Башынан берген бабасын, байкадым мунун чамасын.
Кудай берсе тилекти, басарбыз мунун санаасын.
Аларбыз акыр кор кылып, Абылайкандын баласын».
Кыргыздын баары чуркурап, баарысы ыйлап зыркырап.
Ак боз бээсин союшуп,
Азыр түлөө чалышып, алаканын жайышып.
Ушул сөздү укканда, бата кылып турганда,
Медет датка кеп айтат, кеп айтканда деп айтат:
«Көпмүн деп карап турчу эмес, азмын деп жоодон ыкчу эмес.
Кызыталак Кенен кан, бизден баатырдыгы мыкты эмес!
Абылай бизге кас кылган, кошуун түзөп маш кылган,
Түбүнөн бизди имерген,
Маамыт деген баласын бизге кошуун жиберген.
Эдиге болгон башчысы, көп кошуунду баштаган,[63]

Текебер кылып шашпаган, найзага туусун аштаган.
Түбүнөн ойлоп күтүнгөн,
Кушчу менен саруунu Таластан чаап бүтүргөн.
Кылапат жок мол менен, кырк миң ашуун кол менен.
Эдиге келип эсирген, кеткен жок менин эсимден.
Сайрам суунун боюнда,
Жалпы кыргыз жамдалып, жарагын алып шаңданып,
Тозуп турган камданып.
Боз аргымак мингени, ак барпаша кийгени.
Аңгемени арбытып, баарын бүтүн дарбытып,
Эдиге келип беттешип.
Биздин кыргыз баатыры, качкан эмес четтешип.
Мергендердин баарысы мылтыктарын октошуп.
Карап турган токтошуп, кансыз уруш болбойт деп,
Ак кийизге салышып, ак боз бээни чалышып,
Кан көтөргөн Тайлакты,[64] көтөрүп чыккан байракты.
Кыргыздын бүтүн кошууну, он миңче черүү болуптур.
Кабарын угуп казактын, талаага үч түн конуптур.
Аргымагын каргытып, аңгемесин арбытып,
Эдигелеп чакырып, энеталак кыргыздар,
Качпагын деп бакырып.
Айткан кебим тыңда деп, олжомду майып кылба деп.
Келе жаткан кезинде, кайраты мол өзүндө.
Чоң бараңын сундуруп, мергендер жайлап таштаган.
Эрегиште мергендер. бир атканын жазбаган.
Калың кыргыз ошондо, жоо качты деп бакырып,
Көп казакты жапырып, сур кийик атып чуратып,
Төө мылтык тар тарсылдап, башынан түтүн булатып.
Казакты карай качырып, калың колду жапырып.
Казак токтоп турбастан, эч бир кайрат кылбастан,
Кабыланга урунуп, качып калган бурулуп.
Бүтүн кыргыз балдары, сайып салган казакты,
Далай салган азапты.
Идерлүү жигит күлүк ат, ийменбеген азамат.
Батып калган олжого, азмын деп артын ойлобо.
Чыр чыгарбай олжо алып, мактанып калган элибиз.
Ага тууган инилер, айткан сөзүм билиңер.
Айныбастан жазганбай, бул согушка кириңер?!
Иленин суусун чек кылып, казакты бүтүн сүрүңөр,
Бар болсоңор атыңар, каршылык кылчу кимиңер?!»
Медет датка муну айтты; «бек Өтмөктө[65] белгиси бар,
Эраалынын[66] айткан жери, Эдиге эрдин жаткан «жери деген,
Эки белгилүү жер бар» деди.
Эл сыртынан ойлоп турду, өзүнчө кеңеш курду.

Тулпар минип туу аштап, ким согушту баштаар экен?
Сарбагыштан Ормон, бугудан Балбай,
Солтодон Жангарач, саяктан Медет чыгар бекен деп,
Эл кожурап, ойлонуп турушту.

## ОРМОН СӨЗ БАШТАДЫ:

«Солто, сарбагыш, бугу, саяк түпкү атабыз бир тууган, ошондуктан бул колду баарыбызга калыс тууган черик Ажыбек баатыр[67] башкарсын» - деп Ормон айтат. Колду Ажыбек башкарып, тууну алып чыгат, эл Ормон бийлеп кетти деп ойлоп калышат. Чыккан кошуун Иленин суусуна чейин барып кыргыз - деп чыгышат. Казак качып кетет. «Качкан элдин артынан кууган менен булар барып, камынып алышты. Кайта кетели», -дейт. Ажыбек: «төртөөң төрт жүз киши бергиле? Мынчалык келгенден кийин, барып, бир жеринен жылкы тийип келейин», -дейт. Ормон: «барба!» - дейт. Ажыбек: «мени сен жөн эле шылдыңдап кошуунга баштык кылган турбайсыңбы?» - дегенде, Ормон Ажыбекке Камбыл деген күлүк атын тартуу кылып, кайра келип экөө кудалашат.[68] Ушуну менен кыргыздын жыйналган колу тарап кетишет.

## КҮРПҮК МЕНЕН САМАК[69] БАРЫП, ШООРУКТУ ӨЛТҮРГӨНҮ:

Кыш убагында Жаманкараны чакыртып алып, Кененсары өлтүрөт. Шоорук аркылуу. Жаз, жай өткөн учурда Жаманкаранын агасы Чынгыш баатыр күз убагында жабдыктарын даярданып жөнөп жатат. «Кайда барасыз?» -десе, «солтодон эркек адам туулбаптыр, Шооруктун айылына барып өлөйүн деп жатам», - дейт. Күрпүк баатыр жана башкалары Чынгышты токтотуп, камынышып, жүз киши болуп, жарак-жабдыгын даярданып, Шоорука жөнөйт. Чынгышты бир нече жолдоштору менен жолго коюп, бир нече баатыр казактын айылын аралап, көйнөктөрүн селде кылып, кожо болушуп, көргөн эл кожо деп турат. Шооруктун айылы кайда деп сурап барышат. Барса, Шоорук жаңыдан көчүп-конуп жаткан учуру болот. Ошол жерде эле доолбасын уруп, Шооруктун жылкысын тийип жөнөйт. Жылкыны айдатып жиберип, Күрпүк баатыр, Самак 20 жашта бала жана башка баатырлар жолун тосуп калат. Аялы Шоорукту барба дейт. Ага болбой, Койторуну алып кел деп бакырып, жарагын байланып, жайдак ат минип чыгат. Келгиче «Шоорук келбейт окшойт» -деп, Күрпүк өкүнүп турат.
Күрпүк, Самак жол тосуп, карап турган кезинде,
Эр болсо Шоорук келер деп, самап турган кезинде.
Мингени буудан Койтору, малдан башка жой тору.
«Баатыр болсоң тургун деп, майданды мыктап кылгың деп,
Уурдап жылкы албагын, уят болуп калбагын.
Карагай найза кагышып, качпай туруп сайышып,

Эрлик менен алгын деп, эрегиш менен сайышып.
Теңдик менен алгын деп.
Атагым казак алач деп, мага чениң менен жанаш деп,
Атым баатыр Шооруk деп, кыргызга салган дооруk деп,
Кыйратамын баарыңды, чениң менен оолук деп.
Кененсары каным бар, миң кишилик алым бар,
Чындап кирсем кыргызды, чымын-чиркей ойлоймун.
Миң болсо да жаныңдын, бир да бирин койбоймун».
Айкырып Шоорук барганда, айгайын уга салганда,
Тозуп турган эр Күрпүк, качырып найза малгытты.
Тебетей сайган немедей, тегеретип ыргытты.
Койторуну кубалап, Күрпүк баатыр жөнөдү.
Дагы Күрпүк баатырдын, толуп жатат өнөрү.
Шоорук качып энтелеп, жөнөп жүрүп калыптыр.
Качып калган Шоорука, Самак найза салыптыр.
Качырып найза салганда, найзанын өткүр курчунан,
Боорунан сайган найзасы, тешип чыккан сыртынан.
Шоорук минтип өлгөнү, өлгөнүн казак көргөнү.
Жалпы казак буркурап, жабылып түштү чуркурап.
Ойбоюн айтып өкүрүп, өлгөнүн көрүп өкүнүп,
Басып калды Шоорукту, баарысы ыйлап доорукту.
Күрпүк, Самак баатырлар, эр Шоорукту жайлады.
Эсирип турган кезинде, Койторуну кармады.
Чукул коштоп алышып, эки баатыр жарышып,
Кегиңди алып келдик деп, эр Чынгышка барышып.
Эми кегим канды деп
Чатыраган көп жылкы, айдап жолго салышып.
Алган жылкы көп болду, адам айтчу кеп болду.
Барган эл кайтты жайына, кегин алып казактан,
Келип турган заманда, кутулуп калды азаптан.
Шоорук баатыр өлдү деп, жалпы журтка угулду.
Кененсары укканда, жаңыртып кеңеш курулду.
Кыргыз сенин барыңды, баладан тартып карыңды,
Койбосмун тирүү жаныңды, угузармын зарыңды.
Баштагыдан Кенен кан, кабарчыктап кумсарып,
Шоорук өлдү дегенде, тура албады тынч алып.

Шоруктун өлгөн кабарын угуп, Кененсары-Ноорузбайлар абдан кайраттарына келишип, айласын табышпай калышып, Чүйдүн боюнда жаткан кыргыздын четин сыртынан чалып келүүгө баатырларын жиберет.

Солто элинин Тынаалы баатыры эртелеп барып, Кененсарыга эптелип; «колтугуна кирип калайын, алакандай кыргызды алып эле койбойбу», -деп ойлоп, Кененсарынын алдына барат.

Кененсары Тынаалыны туткун кылып, кыштай алып жүрүп, жаз болуп, кой тууту болгон учурда, Кененсары жоон топ баатырлары менен Тынаалыны ала жөнөйт, кыргыздын бир чоң айылын чаап келүү үчүн.

Кененсары баатырлары менен Чүйдүн боюна келип жатып, түн ичинде кыргыздын айылын басмакчы болот.

Жолду Тынаалы баштайт. Тынаалыга Кененсары айтат: «Тынаалы, кыргыздын бир кыйынынын айылын чаптыр» - деп. Түн ичинде Чүйдүн суусун кечип жөнөйт. Тынаалы сүйлөйт: «Эми кимдин айылынын үстүнөн чыгарайын? Кой, тынай Калпак эр немелер эле, ошого алып барайын» деп ойлоп, «теги калба күндүз болсо экен» деп, сууну ары-бери кечип чаргытат. Кененсары да арам ойлоп; «Ойбой Тынаалы, бастырышың бузулду гой?» дейт. Тынаалы: «ой каным, адашып жатам», - деп айтып бастырат. Азыркы Фрунзе шаарынын чыгыш-түштүк жагындагы 10 километр жердеги, Жетимкоодогу кой туудуруп жаткан Калпак баатырдын айылынын үстүнөн, таңдын эре-серде алып чыгат. Калпак баатыр токтоосуз атыша чыгып, айлына киргизбей токтотуп турат.

Солто уругу Тынаалы болгон, ал Тынаалы тегин адам эмес,
Өзү баатыр болгон, элине болгон коргон.
Кептин салтын билет, ар түрлүү санаа менен,
Кеңешин таба жүрөт, кандай эми кылсам деп, оюна ала жүрөт.
Тынаалыны кыйнап, тамагын берип сыйлап, бутуна кишен салып,
Кыргыз калкынын кандай жатканынан кабар алып,
Абылайдын кызыл туусун аштап, аңгемени баштап,
Бүт баатырын жыйып, колуна алып, Кененкан жөнөп калды.
Кошууну менен жолго салып, жолго кирип, кошуун жүрүп,
Жыйын кылып жаткан, толук бир миң киши болуп,
Шоорuктун кайгысы ичке толуп,
Сабыр кыла албай, сандалып туралбай.
«Элинин четин чабам деп, эсепсиз малын алам деп,
Алыска кетпесем да, Алатоого жетпесем да,
Солтону соолтуп, сарбагышты сапырып,
Анча-мынча катылып.
Пайданы таап, эл четин чаап,
Эрегиштин салтын көргөзүп,
Эмгекке салайын» деп, жолго жүрүп калды.
«Сен Тынаалы, жаман бейилди ташта,
Жакшылап жолду башта, акыры өлбөйм десең аптыгып шашпа».
Күндөп-түндөп жол жүрүп, Чүйдүн боюна келип калды.
Эр Тынаалы кабыргасы кайышып,
Көңүлүнө түйүп, калк үчүн ичи күйүп,
Түлкүдөй жойлоп, Чүй суусун бойлоп,
Ар кандай акыл ойлоп, аккан сууну бойлоп,
Жолду чаргытып, аңгемени арбытып,

Мыкандын кара суусуна,
Каршы терши кечирип, бешин келтирип,
Кимдин айылынын үстүнөн, чыгарсам болор экен деп,
Санаа кылып оюна, келе жатып.
Не болсо да калба,[70] таң атканда болсо экен, оюна бул сөздү алды,
Так ушул учурда, Кененсары сөзгө салды.
«Ой!... бой... Тынаалы, жакын жолду арбыткандай көрүндүң,
Элиңди аяп, бизди чаргыткандай көрүндүң,
Басыгың бузулду гой, бул жүрүшүң жакшы болгон жок».
«Таксыр каным адашып жатам, антпесе менин, аяр жаным барбы?
Сизге ушул кезде, каршылык кылар алым барбы?
Тынай Калпак баатырдын айлы,
Ушу жолду өлчөп таба албай жатам» деди.
Тынаалы баатыр пикири мындай болгон:
«Калпак баатыр эле, шайманы шай неме эле.
Өзү мерген эле, шайманы келген эле,
Не болсо да бул залимге, кабылан Калпак, туруштук берер» -деп,
Таң кашкайып сүрүп калган кезде, асманга жарык тийген кезде.
Калпактын айылын каптатып чыгарды.
Тарсылдатып мылтык атып, карсылдатып доол кагып,
Аңгеме салды, айылды курчап калды.
Калпактын кылган кесиби, мылтык-дары, ок камдап,
Кененсары келет деп, камданып турган.
Баатыр Калпак, доолдун үнүн укту.
Тартынбастан казак менен, карсылдашып атышып чыкты.
Толук кеңеш курду, шашкеге чейин, колду токтотуп турду.

Бир нече казактарды кырып, атып, өлтүрүп, акырында огу түгөнүп мончок менен атат:

Оңго карап он атып, он казакты сулатып,
Бет алдынан беш атып, беш казакты сулатып.
Бетинен келгенин жапырып турду,
Каршы келгенин качырып турду.
Солго карап он атып, султандарды сулатып,
Кайратты кабат кылды, баары менен атышып турду.
Аябай атып, камакта жатып, ок, дары бүттү.

Калпак баатырдын огу түгөнүп, аягында көк мончок менен атат, казактар огу түгөнгөнүн билип, аламан коюп Калпак баатырды өлтүрөт. Субанбек баатыр көгөндөгү козунун ичине жашынып жатып калганда, өзүнүн кичине баласы айтып берип, казактар аны да мууздайт.«Кененсары келип, чабуул коюп, Субанбекти өлтүрүп, мал-булду алып кетти» -деп, Ормонбекке айылы Алкымда экен, кабар барды. Ормонбек баатыр Таштанбектин болотун колго алып,

Кенensарынын артынан Найзакызыл ат менен жөнөп, Чүйдүн түндүк өйүзүндөгү тоого жеткенде, кыйкырык салып айтты:
«Кан болсоң качпа, кара болсоң кач», -деп.
Кенensары бул кыйкырыктан токтоп турат. Ормонбек алдына уруп барат. Камданып турган Кенensары жаңдоонун өйдөрөгүндө болуп калып, Ормонбекти маңдайга чаап коёт. Ормонбек баатыр кансырап жатып, ошо жерде өлүм болот.

Алынча түттү.
Катындардын чач мончогунан алды, дүрмөткө салды.
Мончок менен моюн бербей тозуп турду.
Ажалы жеткен Калпактын, ак мончогу түгөндү.
Күнү бүткөн Калпактын, көк мончогу түгөндү.
Ок дарысы түгөнгөнүн билип, баса кирип,
Калпакты жайлап салды, калкына бүлүк салды,
Казына-мүлкүн талап, колго алды.
Жанында жакын, Таштанбектин балдары,
Ормонбек, Субанбеке барды.
Калпактын айлында, жаңжалды угуп,
Байлаган козунун ичине барып, Субанбек жашынып калды.
Субанбектин жаш баласынан «атаң кайда кетти?» -деп,
Казактар сурап калды.
Акылы жок жаш бала, «атам мында жатат» -деп, айта салды.
Жетелеп чыгып, Субанбекти өлтүрүп,
Бар малын алып, кайра тартып жолго салды.
«Субанбек өлдү» -деп, «Кенensары келди» -деп,
Ормонбекке кабар барды.

Күйүп кеткен Ормонбек, Таштанбектин болотун колго алып,
Найза кызыл атын минип, Кенensарынын артынан жолго салды.
Ал аңгыча Чүйдүн суусун кечип,
Кашатка чыкканда, Кенensарынын артынан
Ормонбек кууп жетти.
«Кан болсоң качпа, кайратыңдан шашпа,
Кара болсоң кач», атынын башын бурду,
Кенensары токтоп турду.
Ормонбек астыртан шилтеп, кылычы жетпей калды.
Камынып турган Кенensары, Ормонбекти башка чапты.
Кансырап жатып калды,
Акыры Ормонбек өлдү, буга да ажал келди,
Бул сапарда кыргызды Кенensары жеңди.
Үркөр ооп, жыл келди,
«Таң атардын алдында, эр Калпагың өлдү», -деп,
Эр Жантайга тил келди.
Булкуп алды мурутун, жулуп алды сакалын.

Ат куйругу булайып, таң атардын алдында,
Эр Жантайдын кызыл туу,
Чөмүчтөн башы кылайып, атка салды жүгөндү,
Ажалы жеткен Калпактын, көк мончогу түгөндү.
Төөгө салды жүгөндү,
Ажалы жеткен Калпактын, мончогу мунун түгөндү.
Ажал жетип күн бүтүп, Калпак өлдү жалгандан,
Аз аңгеме айтылды, айтылып нуска калгандан.
Ормонбек менен Субанбек, эки туйгун жөнөдү.
Айткан менен айла жок, өлгөндөр кайтып келеби?

Жазгы кой туутта Калпак өлөт. Эл өөдө тартканда, Кененсары кол менен келет.

## КЕНЕНСАРЫ КАЗАКТАН КӨП КОЛ ЖЫЙЫП, КЫРГЫЗДЫ КАРАЙ АТТАНГАНЫ.[71]

Аз гана эмес мол менен, алты сан кара кол менен.
Кыргызга кыргын салам деп, жөнөп калды жол менен.
Казактын баарын жыйнатып, канча жанды кыйнатып,
Кыргызды ойрон кылам деп, кыз-катынын ыйлатып,
Жайлоо каркап[72] толгон кез,
Атпай кыргыз балдары, Ала-Тоого конгон кез.
«Кыргызга кыргын салам деп, арбын кошуун барам деп,
Кыз-катындан олжого, кыйласын тандап алам деп,
Кыргыз деп атак калтырбай, тукумун койбой кырам деп,
Ала-Тоого жазданып, өзүм барып турам деп,
Катындарын тул кылам, эркектерин кул кылам,
Бүтүн казак аттан деп, сөзүмдү жатка ал деп,
Баатыр жигит, күлүк ат, мен барам деп каттал деп.
Баатырлар баарың шайлан деп, барам деп, көөнү жайлан деп.
Арбын мал байлап алууга, аркан-жибиң байлан деп,
Ургаачы, эркек калба деп, жардыгымды карма деп,
Карк олжодон кур калып, эртең өзүң танба деп.
Кызыл желек ак түпөк, баатырлар барсын майданга,
Кызыл жоолук, ак жоолук катындар барсын майданга».
Абылай кандын уругунан, кырк төрөнү кошчу алып,
Чубуртмалуу элинен, Агыбайды башчы алып,
Эржан, Саржан төрөлөр, датка Байзак, Ноорузбай,
Жапар төрө баласы,[73] муну да кошуп алыптыр,
Калың казак журтуна, каарын катуу салыптыр.
Саратан жайдын өзүндө, калкын жыйнап алыптыр.
Калкын жыйнап күтүнүп, сарамжалын бүтүрүп,
Сан казагын самсытып, айдап Кенең жөнөдү.
Эркек, аял аралаш, түрүлгөн түмөн кол болду,

Аз эмес, арбын мол болду.
Кулундарын ээрчитип, бээ мингени дагы бар.
Түйшүк тартып, зар ыйлап, төө мингени дагы бар.
Кан чакырды барам деп, калың олжо алам деп,
Кол байланып кор болуп, жөө жүргөнү дагы бар.
Катын, эркек аралаш, бирине бири карабас,
Абылайдын кызыл туу, асмандатып аштаптыр.
Колум арбын болсун деп, Кенен кан колун баштаптыр.
Найзанын учу кылкылдып, жолго түштү шылкылдап.
«Мен Аблай кандан келем деп, кошунум арбын кенен деп,
Кыргыздан тукум калтырбай, кыйратып талап келем деп.
Ормонун ойрон кылам деп,
Ала-Тоого мен барып, ордо салып турам деп,
Көрк көрсөтөм душманга, арбын кошуун кол менен.
Катын-эркек аралаш, түрүлгөн кошуун кол менен».
Деп - Кантоосунан атанып, калкына Кенен мактанып,
Желпилдеген туу менен, жер майышкан кол менен,
Үкү баштуу туу менен, үпчүн[74] кийген эр менен.
Асаба желек калкылдап, айбалта, мылтык жалтылдап.
Чарайна[75] төшкө чапташып, карыпчын[76] колго капташып,
Аблай кандын Кененди, атпай журту макташып,
Кармаганы кызылтуу, казактын баары ызы-чуу.
Кесири арбын Кенендин, кылган иши мына бу.
Асылы казак кыйыры, кең Меркиде жыйыны.
Меркидеги Ботпайдын, Супатай, Андаш кыйыны.
«Менин өкүмүмдү кылбайт деп, жолумду тозуп турбайт деп,
Менин жардыгымды кылбайт деп, даяр болуп турбайт деп».
Супатай менен Андашты, каарына алды Кенен кан.
Кан Кенен казап кылганда, карап турду канча жан.
Эми, Супатай менен Андаштын, кылып жүргөн эби бар,
Жангарач менен сүйлөшүп, жайланып жүргөн кеби бар.
«Бул Кенен кан пайда кылбайт деп,
Мунун артында иши тынбайт деп.
Ушунчалык оолукту, убада сөзгө турбайт деп»,
Жангарач менен жайлашып, убада сөзүн байлашып,
Бекилген сөзү башында,
Берен Андаш, Супатай Жангарачтын кашында.
Байзак келип Ормонго, куда болгон жери бар.
Убада сөзүн бекитип. айтып жүргөн кеби бар.[77]
Кенeнсары күркүрөп,
Жалпы казак сыртынан, кылып жүргөн деми бар.
Кененсары келгенде,
Баатыр Андаш, Супатай, келгенин анык көргөндө,
Эң улугу Кенен кан, айдап келген кошунга,

Ургачы эркек нечен жан, Меркиге келип туу тигип,
Супатай менен Андашты, каарына алды келтирип,
«Ботпай сенин карыңды, тирүү койбой жаныңды.
Кыргыздан мурун кыйратып, тынамын деп өчүрүп».
Супатай, Андаш келишти, Кененкан менен көрүштү.
«Баш алдаяр таксыр» деп, эңкейип колун беришти.
Колун сунду Супатай, эр Ноорузбай төрөгө.
«Сен төрө эмессиң, карасың,
Асылың казактан тууган баласың.
Каранын колун албаймын,
Колуң арам төрөгө, мен арам колго барбаймын.
Тарт казагым колуңду, табармын сенин жолуңду.
Көзүм аман турганда, көрсөтөрмүн сонунду»
Анда Кенен кан кеп айтат, кеп айтканда деп айтат:
«Андай эмес карагым, артын байкап санагын,
Андаштын шагы сынбасын, Супатай карап турбасын».
Ноорузбай ага болгон жок, ойлогон сөзүн койгон жок.
«Мен алуучу кол эмес, колуң арам Супатай,
Мен жүрүүчү жол эмес, жолуң арам Супатай,
Тарт колуңду кайткын деп,
Былжыраган сөзүңдү, башка адамга айткын деп»,
Ноорузбай төрө эсирди, эпсиз кылды кесирди.
Супатай анда кеп айтат, кеп айтканда деп айтат:
Кенен кандын өзүнө, алдаяр таксыр деп айтат,
«Колумду албай койду деп, капа болбойм төрөмө,
Тууганы сөздөн жалтанып, душмандын мизин кайтарып,
Кыр көрсөтүп жатпайбы,
Атпай алач калкына, эрк көрсөтүп жатпайбы!»
Кенен кан туруп кеп айтат, кечиримсиз бек айтат:
«Эй, Супатай, эр Андаш, колуңду жүргүз деп айтат,
Жан калбасын жайында, эл калбасын элиңде.
Кабардар болгун сөзүмө, каралдың нечен өзүмө.
Кана колуң көрөйүн, элиңди көргөз көзүмө!»
Кутүнүп турган Супатай, жан калтырбай жыйнады.
Жангарач менен сөзү бар, артына кылчаң кылбады.
Каптаган кара кол менен, тууну тууга урушуп,
Тулпар минип турушуп,
Кыргызды кыйла мүргүтүп, солтонун баарын үркүтүп,
Талкандын[78] четин талкалап,
Качкандары кутулуп, калктын чети тутулуп,
Колго түшкөн бендени, кордук кылып өлтүрүп,
Далай жандын баарына, жабыр жапа келтирип,
Боюнда бар катынды, ичин жарып салышып,
Ичиндеги баланы, ичинен сууруп алышып,

Солтону айдап түрүшүп,
Балдарды жарып өлтүрүп, керегеге илишип.
Эшкожо менен Канайдын, күмбөзүн бузуп өрттөшүп.[79]
Казактардын ичинен, бир карыя кеп айтат:
«Бул тегин күмбөз болгон жок, кабар туюп кишиден,
Карга учуп чыкты ичинен, аңдыган душман соо болбойт.
Арбагы эми кыргыздын, көтөрүлдү өзүңдөн.
Кыргыз бизди соо койбойт, кыргызга барып нетели,
Алдаяр таксыр аман соо, ушу жерден кайра кетели?»
Бул сөзгө Кенен болгон жок, ойлогон сөзүн койгон жок.
«Кыргыз качты кырамын, кырып жанын тынамын.
Атагы дайын Ала-Тоо, өзүм конуш кыламын.
Качкан кыргыз турчубу, кайрылып кайрат кылчубу?
Качкан жоону жоготпой, кан Кенен жаны тынчубу?»
Саруу, кушчу Таластан, Суусамырды бет алып,
Качып чыкты жан калбай.
Бүтүн солто бет алып, Ысык-Көл карап ыктады.
Капчыгайга камалып,
Жангарачтын сөзүнөн, жалгыз солто чыкпады.
Бөлөкбай жоодон качпады,[80] бөрүлөр жоодон шашпады.
Качпай туруп атышты, кызыл канга батышты.
Кызыл-Суу, Шамшы оюнда, Чүй өзөнү боюнда,
Аянбай кирип атышып, көп болсо да Кененди,
Эр Бөлөкбай токтотту.
Майдөбөнүн өзүнө, эки күн тозуп токтотту.[81]
Эки күндүн ичинде,
Чаң жетпес бедөө ат минип, чылк бадана тон кийип,
Болот кылыч колунда, калың колду аралап,
Далай элди кыйратып, кайтып чыгат Ноорузбай.
/Кызыл ооз деген тулпардын аты/
Кыргыздан тукум койбойм деп, айтып чыгат Ноорузбай.
Теке жоомарт бууданы,[82] сыртына тартып сууганы.
Жетпей калат кыргыздар, Ноорузбайды кууганы.
Улам кирип качырып,
Кылыч менен кыйратып, жайлап кетет далайды,
Каршыгып калган душман жоо, казыр кылып карайбы.
Теке жоомарт бууданы, жебе жетсе жел жетпейт.
Артынан атса ок жетпейт.
Далай жанды кыйратып, Ноорузбай кирсе соо кетпейт.
Ал аңгыча болбоду, эл ичинде бир мерген

Саякта Бердибек деген Балбанкыз деген карындашын Ормондун өзүнө берет. Бир кезекте бул кыз Ормонду бир колу менен чакмактай алып атка мингизет, Ормон ачуусу келип коё берет, төркүнү коркуп качып, Солтонун суумурун деген

элинин ичине келип туруп калат. Бөлөкбай элинен Олжобай деген мерген атты деп да айтылат.

Ошол Бердибек аткан экен.
Ноорузбайдын тулпарын, бир колун атып тырайтты,
Үч буту менен жеткирбей, Ноорузбай качып кутулду.
Кыянат сөздөн көп айтып, кылып келди кусурду.
Жана элден буудан таптырып, эрегиш менен чаптырып.
Эр Байзактын Алаяк, бу дагы буудан деп айтып,
Кары, жашы жыйылып, калың казак кеп айтып,
Айтып сөзүн билдирди.
Эр Ноорузбай төрөгө, Алаякты мингизди.
Алаяк Теке жоомарттай ашкере будан болбоду.
Майдөбөгө камалып, араң жанын коргоду.

## Ормон кан Ысык-Көлдүн күнгөйүнөн кол менен аттанып чыгышы.[83]

Жаңыдан Кенен келгенде, Жангарач кабар бергенде,
Күнгөйдөгү Ормонго, кабар салган Жангарач,
«Кененсары келди деп, өрттөп кирди жерди деп,
Бала-чака чыгарбай, басып калды элди деп».
Бул кабарды укканда, оолугуп Ормон турбады.
Сарбагыш менен бугудан, сандаган кошуун жыйнады.
Саяка кабар салдырды, сардалдын[84] баарын алдырды.
Төрөкелди, Ормон кан, адамды айран калтырды,
Бугу, саяк келгенче, бурулуп карап турбады.
Аземин журттан арттырып, керней-сурнай тарттырып,
Төө мылтык атып тарсылдап, добул кагып карсылдап,
Желпилдеген туу менен, жер майышкан кол менен,
Төрөкелди, Ормон кан, келип калды жол менен,
Калмакашуу жол менен.
Бул кошунундун ичинде, карыясы Калыгул,[85] аңгемеси мына бул.
Төрөкелди, Ормон бар, түбөлүк журтка коргон бар.
Кепке жетик Шамен бар,[86] Ботаалы[87] менен Адыл бар,
Үмөтаалы, Чаргын[88] бар, моңолдор Сары Токтор[89] бар.
Карабектин Жантай[90] бар, оёндун баары кошулуп,
Казактар көөп кетти деп, кайраттуу эрлер озунуп,
Калмакашуу ашышып, Чоң-Кеминди басышып,
Аземи журттан арттырып,
Алтын ооз кернейди, Орозбакка[91] тапшырып,
Арылдатып тарттырып, сурнайын зуу тартып,
Кан Ормон деп чуу тартып,
Жазайыл атып тарсылдап, добул кагып карсылдап,
Кашка жолго келишип, калкына кабар беришип.

Оён Ормон кеп айтып, кеп айтканда эп айтып.
Алтын ооз кернейди, Орозбак баспа деп айтып.
Текеликтин сеңирде, теминишчү жеринде,
Майдөбөнүн өзүндө, майдан кылчу кезинде.
Добулдун үнү тапылдап,
Керней үнү бапылдап, төө мылтык үнү тарсылдап,
Жер жаңырган чуу болуп, алда канча дуу болуп,
Кенен канга угулду;
«Ой пирим ай, бул добуш, жер жаңыртты дүңгүрөп,
Кулагымды тундурду, алда канча күңгүрөп,
Күңгүрөгөн неси?» -деп, Кененсары сурады.
Жооп бербей ал жерде, Байзак карап турабы.
«Келгениңде Кенен кан, чабагы менен чабыштың,
Азыраак майдан салыштың,
Жаяны келди жаңыдан, салышасың абыдан,
Мунун жаяны Ормон дөө келди,
Кернейин тарттырып, келбетин журттан арттырып,
Карап байка сөзүмө, кабар берди өзүңө.
Адам өлчөөр эр эмес, бир көрүнөөр көзүңө».
Кашка жолдо кернейи, кан Кененге угулуп,
Кан Ормонкан келгиче, канча жан карап турулуп,
Ай деп койгон киши жок, адам менен иши жок,
Кызыл-Суу, Шамшы оюнда, Чүй суусунун боюнда,
Кененсары казактын киремин деп тоюна.
Бөлөкбай, Талкан үстүнө, баса конду Ормон кан.
Сегиз бектин сарасы,[92] дөөлөтү каркап толгон кан.
Эр Байзак, Кененсарыга Ормон канды мактаган.
Айткан ушу сөзүнө, ыраазы болбойт өзүнө.
Байзакты Кенен кекетип, Кененсары кеп айтат:
«Баркымды билбей калжырап, мен турганда Ормондун,
Мактайсың несин?!» -деп айтат.
Жаным аман турганда, жаноо айткан сөзүңдү,
Жайлармын Байзак өзүңдү.
Аптыгасың мактанып, ачармын сенин көзүңдү.
Атпай алач кол келди, аянбай ашуун мол келди.
Түрүлгөн калың кол менен,
Түйшүк салбай нетемин, түбүнө кыргыз жетемин!»
Түрү суук сөз менен, Байзакты Кенен кыстады.
Жаны курсун өлбөйт деп, сай-сөөгү сыздады.
Бөлөкбай менен Талканга, Ормондун колу кошулду.
Акылмандуу карылар, акыл ойлоп озунду.
Азаматтар шайлады, аянбай көңүл жайланды.
Чүйдүн суусун келтирип, кургак сайга байлады.
Кадимки сайдын өзүндө, кашык суусу калбады.

Майдөбөнүн өзүнө, карылар айткан сөзүндө,
Келберсип келген Кенен кан,
Суу таба албай мукурап, адамы суусап зыркырап,
Текеликте көп кошуун, баштан аяк чуркурап.
Ойлонуп акыл таптырып, отту арбын жактырып,[93]
Ормон салып локусун,[94] эл журтуна кеп айтат:
«Эрегишкен душмандын, эсебин тапкын деп айтат.
Ачта кеңеш табылбайт, токто кеңеш кутулбайт.
Далайдан бери жабыркап, душмандын жолун алдыңар.
Солто Талкан, Бөлөкбай, ачка болуп калдыңар».
Дасторконун мол жайып, сары казы, кыйма жал
Бышык эттен мол берди.
Жалпы солто уругу, Жангарачка жол берди.
Түнкүсүн болгондо, отту арбын жактырат.
Колу арбын десин деп, эсебин минтип таптырат.
Күндүз күнү болгондо,
Чаң асманга оргутуп, талаага мала тарттырат.
Эл эсебин алдырат, адамды эстен тандырат.
Алакаргадай арык келди,
Беттешкен жоону жеңген белек келди.
Моңолдор толук келди, чегирткедей черик келди.
Таруудай саруу келди, кумурскадай кушчу келди.
Ат түгүндөй адигине келди, сансыз саяк келди.
Анжыяндан басыз келди, Ала-Тоону ашып келди.
Кырк сан толо кыпчак келди, Алайдан муңгуш келди.
Жер жайнаган жедигер келди, жергеси менен багыш келди.
Кылайып кыргыз калган жок, Алты шаардан нойгут келди.
Кызыл аяк, каңды келди, кыдырша, тейит келди.
Анжыяндан дөөлөс келди, жылдыздай мундуз келди.
Кылымга толо кыргыз келди.

## КЕНЕНСАРЫНЫН ЖЕҢИЛИП ӨЛТҮРҮЛГӨНҮ.

Бул кабарлар сезилип, көзгө көрүнүп,
Байзактын сөзү анык болуп билинип,
Кошууну суудан суусап, Кенендин оюна ар түрлүү сөз түштү:
«Ой пирим ой! Бул кыргыздан типти жан калбайт экен гой.
Башкабызда бирден туяк бар эди,
Аркабызда шам жагар, шырак бар эди.
Ноорузбай сенин өзүңдө тукум, туяк жок эди.
Сен Ноорузбай кайтсаң калай, аттын башын тартсаң калай.
Элге салам айтсаң калай?!»
Деп Кенен кан Ноорузбайга айтып өттү.
Ноорузбай ага болгон жок.
«Акыры ар бир жан өтөр, айтканыңыз бекер.

Кылымга толгон алачты, кыргыз нетер.
Менин кеткеним уят, ушак сөз кайда сыят».
Деп Ноорузбай болбой койду.
Акыры ичинен бузулуп, күнү кысылып,
Кенен кан Ормонго эки элчи жиберди, «журт болушалы?» -деп.
Агыбай баатыр менен Эржан төрөнү жиберет.
Агыбай, Эржан Ормон канга элчиге келди.
Келген жерден турбастан, башка сөздү урбастан.
Элчилик сөзүн айта баштады:
«Баатыр Ормон каным, аман болсун жаның!
Кан Кенен бизди жиберди, урмат кылып силерди.
Бир баш, бир тас бололу дейт,
Айыл аралаш, кой короолош конолу дейт.
Уруш-согушту коёлу» деп, Агыбай, Эржан экөө айтып өттү.
Бул сөзүнө Ормон баатыр кулак салган жок, кабыл алган жок.
Ормон баатырдын ачуусу келип, түгү сыртына айланып турган кези.
Кыргызга карап кеп айтты, жардыгын эми бек айтты:
«Ушу келген төрт казактын,
Бүчү-бүлдүргөлөрүнө эч бириң тийбеңер,
Эгер ким тийе турган болсо,
Малы-башын талоонго кетирем!
Эртең шашке маалда, бүтүн баарын,
Өз колум менен, камчыга ченеп бөлүп берем!
Угуңар! Уят болуп калбаңар?!» - деп.
Бул сөздү угуп, Агыбай, Эржан кайтып келди.
Ормондун бар мүнөзүн айтып келди.
«Алдаяр каным, аман болсун жаның.
Ормон оңой жоо эмес экен, биз омурчу тоо эмес экен.
Сүрү айбаттуу экен, сөзү кайраттуу экен.
Кийими кыска экен, найзасы букта[95] экен,
Жарагы көп экен,
Жайнап жаткан колго, жалгыз Ормондун,
Айткан сөзү эп экен.
Журт экен деп бизди, эсине алып байкаган жок.
Эли туш-туш тараптан келип жатыр,
Жардыгына көнүп жатыр.
Казакты сыртынан, калкына бөлүп берип жатыр.
Анын несин айтабыз, бизде айтарга сөз калган жок.
Алдыяр таксыр, өзүңүз билиңиз?» -деди.
Бул сөздү угуп, Кенен айтты:
«Агыбай баатыр, Эржан төрө дагы барыңар,
Кандын сураганы кан,
Жоо болсо да берет деген, илгертен бери нарк бар.
Жалгыз балам, Жапар төрөнү,

Жол берип жолдоштору менен чыгарып жиберсин».
Агыбай, Эржан Ормонканга жана барды.
Кененкандын бул сөзүн, ошо бойдон айта салды.
Экинчи элчи келдик Кененкандын жалгыз баласы,
Жапар төрөгө жол ачып бериңиз?
Бул аман элине кайтса деп, сизден тилеп келдик».
Ормон: «кайтса кайтсын! Талкан жагына айтыңар,
Ошол жактан жол берсин!» -деди.
Алты жолдошу менен, талканды аралап,
Жапар төрө бошоп кетти.
Бул сөзгө, ботбай Супатай, Андаш күтүнүп турган.
Башында Жангарач менен убадасы бар.
«Аман калчу Аблай кандын тукумубу?
Өлүүчү бизби - деп, ботбай уругу туруңар.
Ат куйругун түйүңөр.
Супатай, Андаш эли менен солтону аралап жөнөп кетти.

## ОРМОНДУН ЭЛИНЕ КЫЛГАН ЖАРДЫГЫ:

«Жалпы кыргыз турба деди, жардыгымды эки кылба!» -деди.
Сары-Өзөн боюн сыр деди,
Ниязбектин чоң Ормон; «кызыталак казакты камчыга ченеп кыр» деди.
Жалпы кыргыз аттанып, жоо качты деп шаттанып.
Камап алды казакты, казака салды азапты.
Найзанын учу жабышты, адамдын башы кагышты.
Желек туудан бөлүнбөй, жердин бети көрүнбөй,
Айбалталап чокусун, оюп кирди эрендер.
Бет алганын кыйратып, союп кирди эрендер.
Кылыч менен баштарын, алып кирди эрендер.
Кыяматты төрөгө, салып кирди эрендер.
Чокмор менен салышып, чокудан канды агызып,
Найза менен мылгытып, тепчий сайып ыргытып.
Ал аңгыча күн батты, душмандыгын билбестен,
Оң сөз айтса кирбестен.
Качып калган казактар, Тынаалыдан кеп сурайт,
Жол каякта деп сурайт, Тынаалы аларга оң сөз айтабы,
Эр кишинин көңүлүнөн кек кайтабы.
Чүй бойлотуп,
Мыкандын кара суусуна, капталтып алып келет.

«Жол мына» — деп көрсөтүп, Тынаалы калып калат. Казактар сууга аттары менен түшүп, эң көп кырылат. Кол бузулуп, качарда Кененсары айтат: «Агаке мени таштайсыңбы?» - деп. Агыбай айтат: «Ой кудай ай, көпкө топуракты кантип чачам. Кош Кенен, кыяматта көрүшөлү -деп, Агыбай баатыр кыргызды аралай

качып, Keминди көздөй барып, Каштекти ашып, бүт эли, колу кошууну менен аман кутулуп кетет.

Кененсары Каракоңуз, Ичкени көздөй качып, Ормонбек, Субанбектин жылкысына учурап; сымбаттуу киши, букар бачайыдан көйнөгү бар экен. «Сиз ким болосуз?» -деп жылкычылар сурады. Сырын жашырбай Кенен канмын деп чынын айтты. «Мени жолго салыңар? Каалаганыңарча көп дүйнө алыңар?» - деди. Бул жылкы Ормонбек, Субанбектин жылкысы эле. Жылкычылар Кененканды байлап алып, Ормон канга алып келет.[96] «Жүзүн көрсөтпөй, жакшы багып тургула!» -дейт Ормон.

Эртеси таң атканда казактардын колго түшкөнүн, аттарын, жабдыктарын ойдон-тоодон жыйып жүрүшөт. Көп казакты колго түшүрөт. Бир казакты чечейлер[97] кармап, учкаштырып келе жатса, жолдон бир жаш казак таштын түбүнөн /чуңкур/ жерден чочуп чыга калып; «төрөм, эмне кылып жүрөсүң?» -деп, бакырып жиберет. Ал Ноорузбай экен. Ошол жерден Ноорузбай экенин таанып, кишендеп алат. Ошол учурда Эржан төрө да колго түшкөн.

Кененсары өлтүргөн кишилердин туугандары Ормон кандан; «казактын баатырларын бизге бергиле, өзүбүз өлтүрөбүз?» -дейт. Ормон өзүнүн кеңеши, аман эсен Кененсарыны аттап-тондоп, достошуп кетирейин, орусту бизге жеткирбей тозот деген ойду ойлогон.

Ошону менен кыргыз эки тарап болот. Ноорузбайдан; «эмне арманың бар?» десе, «дүйнөдө эч арманым жок, соодагерден кырк төөнүн жүгүн түшүрүп алдым эле, ошону ачканым жок жана бир сулуу кыз бар эле, ошого нике кыйганым жок», -дейт. «Кененсарыны өлтүрдүк, сени аман кетирели?» -дейт, кыргыздар. Тилин тартпай кыргыздын жонунан тилдеп, эч бир сезбейт. Акырында Кененсарыны солто, Ноорузбайды тынай уруктары алып, Эржанды сарбагыш уруусу алат. Үчөөн тең өлтүрөт.

Кененсарынын жүрөгүнүн жарымы май экен. Жалы бар экен. Ноорузбайдын жүрөгүндө бир кара эт жок, сулп май болуп, ортосун өрдөгөн чийдей кара кылы бар экен. Кененсары 38 жашында өлөт. Кыргыздар Кененсарыны өлтүрүп туруп, Ноорузбайга «өлтүрдүк» -деп, айтып угузат да; «бул жаш экен, коё берели?» -дешет. Ноорузбай бир да тилин тартпай кыргыздарга ачууланып айтат:

«өлтүрсөң мен барамын кудайыма,
өлтүрбөсөң мен кубамын Кененкандай жубайымды!» -деп. Өлөң менен Ноорузбай бир да тилин тартпай, кыргыздарды ачуулантып турат. Бул сөзүн угуп, кыргыздар анан өлтүрөт. Ноорузбай бул кезде 25 жашта болот.

## БОПУЙКАН КЫРГЫЗДАРГА КЕЛИП, БАШ ЖЫЙЫШЫ.

Бирин-серин качып кутулган казактар Кененсары, Ноорузбайдын колго түшкөнүн Бопуйканга айтып барат.

Качкандары кайтып барды, көргөн-билгенин айтып барды.
«Кыргыз бизди женди, кыйла казак өлдү.

Кененкан, Ноорузбай, Эржан, Ормондун колуна түштү».
Бул кабарды уккан соң, карындашы Бопуйкан,
«Калган калкын жыйнап, тирүү калганын колубузга алалык.
Өлгөнүнүн кабарын угалык,
Калган жанды, сатууга салып, аман чыгарып алалык», -деп Бопуйкан элинен көп киши алып, Ормон канга тартууга келип калды. «Башым тартуу, казак элим тартуу, дүнүйөдөн айтканыңды орундатам, өзүм аял болсом да» деп тиленип келет. Ормондун салтанатын көрүп, Бопуйкан таң калып, ушуну менен кантип урушту экен деп ойлойт.

«Сөзгө кулак салбай, адамдын тилин албай,
Бекер катылган экен төрөлөрүм!»
Кан колуна кан түшсө, кандын жүзүн көрсө,
Казак-кыргыз салтында, канга өлүм жок деген.
Сатууга салып, наркын берип,
Аман эсен алып кайтармын деген талап менен барган.
Бопуйкан барганча, тирүүлөрүн жайлап салган.
Бул кабарды уккан соң, Бопуйкан Ормон канга,
Сөз айтып калды.
«Өлгөн жан өлүптүр, калган жандар калыптыр.
Калган жанды кор кылбай, баш жыйууга болор бекен?
Деп сурап калды.
Ормон кан анын сөзүнө чын бейли менен жооп берди.
«Мен казака барганым жок, калкын талап алганым жок.
Төрөлөрүң өзү келип, өзү өлдү.
Өзү өлгөн жанга мен кункор эмесмин.
Кыргызга кыран чалды, кыйла жанды кырып салды.
Зайыптык кылба, сөзүмдү тыңда!
Сөзүмдүн салтын, текшерип сында.
Өлгөн кыргызга, толуктап туруп кунду бер!
Наркы кесилүү.
Тирү калган казакты, сатууга салам мунумду бер!?»
Ормон кан муну айтып өттү.
Бопуйкан муну кабыл алды, Ормон өлгөндөрдүн кунун алды.
Тирүү калган казакты сатууга салып, 60 жылкыдан алды.
Бопуйкан эрлеринин сөөгүн жыйып алды.
«Колго түшкөн аял, кыздын каалаганы калсын,
Турбайм десе кетсин, өздөрү билсин», -деди.
Кыргызга келип, көөнү жайланып,
Никеге байланып калгандары,
Бир нечеси туруп калды.
Өзүнүн эли, калкын сүйгөнү сатууга салынып,
Бопуйкан менен калкына кетти.
Текеликтин сеңириндеги дөбөнүн аты ошол казактын көп кырылып,

майланганынан атагы Майдөбө деп калынды.
Кадимден казак, кыргыз тынч турган эл эле
Кенен кандын атасы Аблайкан, кошуун куруп, козголоң салып,
Таласка келип, талап малын алып, саяк Садыр канды өлтүргөн.
Бузуктун башы Садыр кандын өлүмүнөн чыккан.
Бузук төрөлөр казак-кыргызга, арасында жүрүп, араздык сала берген.
Тынч жаткан журттун тынчын кетирип, каалаганын ала берген.
Кыргызда макал бар; «бөрү баласы ит болбойт» -деген.
Түбүндө Чынгызкан Жунгариядан келген.
Тынчтык бербей, казак, кыргызга азап салган.
Ортосун бөлгөн.
Түбүнөн бери, тынч элге душмандык кылып келген.
Бул Кенен кан атасынын салтын кууп,
Кыйла кыргыз-казакты кырып бүтүрдү.
Кененкандан кийин, казак-кыргыз кадимкидей тууган болуп,
Байтал жуушап, бала уктап, айлы аралаш-кой короолош,
Жигит жоролош, аштык оролош болуп,
Казак-кыргыз кудалашып достошуп,
Жарашып, жайлуу тууган болуп калды.
Муну баары түбү душман, Чынгыз-хандын тукумунан келген.
Кастык деп, жандын баары ойлонуп билип калды.

## КОШУМЧА ТҮШҮНҮК:

1 Бул даректүү поэма 1846-1847 жылдары болуп өткөн казак-кыргыз согушу жөнүндө баяндалат. Кенесары Касым уулунун кыргыздарды басып алуучулук максатына, ал мезгилде өз алдынча мамлекеттүүлүктү түзүүгө аракеттенишип жатышкан Ормон-хан башында турган түндүк уруулары ага каршы сокку урушуп, Кенесары-хан баштаган ондогон төрө-султандарды колго түшүрүп, кыргыз элинин эркиндигин коргоп калышкан.

2 Кенесары Касым уулунун кыргыз жергесине жасаган согуштук жортуулу тууралуу окуялар элдик оозеки, тарыхый санжыраларда кеңири сакталып, көптөгөн уламыштар жаралган. Бул поэма ошолордуп негизинде жаралган.

3 Кенесары Касым уулу (кыргызда Кененсары аталат) 1802-1847-жылдары жашаган. Орто жүз султаны. Бир туугандары Саржан менен Эсенгелди Олуяата, атасы Касым Түркстан шаарында Кокон бийлиги тарабынан өлтүрүлгөн. Кенесарынын өзү да кокондуктардын колуна түшүп. Ташкенде зынданда отурган (Аристов Н.А. КЖФ №4019, «Киргизы время Кокандского владычества») Болжолу 1841-1842-жылдар аралыгында ал өзүн хан деп жарыялап, падышалык Россиянын саясатына каршы туруп, орус бийлигине баш ийген казак урууларын да талап-тоногон. Анын башын орус бийлиги 6 миң сомго баалашкан. Натыйжада Сарыаркадан Чүй суусунун жээгине качып келип, күч колдонуу менен адегенде Улуу жүз казактарын өз жагына тарткан. Бирок, булар анын кол алдына толук өтүшкөн эмес. Ушундай кырдаалда ал кыргыз урууларын басып алуу максатында 1845-1847-жылдары катары менен үч жолу жортуул уюштурган.

4 Ормон-хан Ниязбек уулу (1792-1855). XIX к. биринчи жарымында кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекет (хандык) түзүүгө аракет кылган тарыхый инсан. Кыргыздын сарыбагыш уруусуна караштуу Манап тукумунан чыккан. Атасы Ниязбек сарыбагыш уруусун бийлеген. Ормон 1842-ж. хандык даражага көтөрүлгөн. Кокон ханы анын өз алдынча бийлигин таанығысы келбегени менен, ага «парваначы» деген титул берүүгө аргасыз болот. Түндүк кыргыздарынын ичинен мындай наамга жалгыз татыктуу болгон. Ал 1847-жылдагы Кенесары-хан тарабынан жасалган мыкаачылык согушта кыргыз элинин башында туруп, эң сонун аскердик айлакерлиги менен анын колун талкалап, өзүн колго түшүргөн жана кыргыздардын эркиндигин сактап калган. Ормон-хандын кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө жасаган аракетине биринчи кезекте Кокон хандыгы менен падышалык Россиянын тарабынан жүргүзүлгөн саясат тоскоолдук кылган. Кыргыз элинин биригүүсүнө каршы жасалган аракеттердин натыйжасында көптөгөн кыргыз урууларынын ич-ара биримдүүлүгү бузулуп, ушундай кырдаалда өзүнүн жакын туугандары колдуу болуп өлгөн.

5 (Текеликсенир) Кенесары менен Ормон-хан жетектеген кыргыз урууларынын чечүүчү салгылашуусу болуп өткөн жердин географиялык аталышы. Айрым нускаларда «Кекиликсеңир» болуп да аталат. Болжолу азыркы Токмок ш. күн чыгышы Чүй суусунун оң жээгинде жайгашкан Каратоонун этектеринде болушу мүмкүн.

6 Казак-кыргыз беттешкен жердин аталышы. Уламыштарда ушул жерде казактар көп кырылып, алардын канына жер майланды дешип, Майдөбө аталып кеткен.

7 Азыркы Астана. Мында Кенесарынын орустардын аскер бөлүктөрү менен болгон согуштары айтылып жатат. Тарыхый даректерде бул жерде орус чебине кол салган.

8 Казак урууларынын ичинде султан аталышкан төрөлөр уламыш боюнча кадимки Чыңгыз-хандын тукуму болуп эсептелишет. Ошондуктан, Кенесарынын аталары Касым, Абылай-хандар төрө тукумунан болушкандыктан, аларды көп учурда казак эмес, калмак (моңгол) деп аташкан.

9 Саржан Кенесарынын агасы. Бул кыргызга жасалган чабуулдан мурун өлгөн. Эржан Саржан султандын уулу. Ноорузбай Касымдын 1822-ж. туулган кенже уулу. Кыргызга каршы согушта атагы чыгып, колбашчы болуп таанылган.

10 Төрө тукумдары казактардын Үч жүзүндөгү урууларга кирбейт.

11 Кенесары ушинтип, орус бийлигине карап кетишкен казак урууларынын соода кербендерин талап-тоноп, каракчылык жасаткан.

12 Мында: чогуу чакырып, чогултуп.

13 Кенесары 1845-жылы Таластагы кыргыз урууларына кол салып, кырман бастырып жаткан жеринен Бүргө баатырдын уулу Калчаны колго түшүрүп алып, кыргыздарга жамандык жасабайм деген мааниде жарым жылдай убакыттан кийин бошотот. «Орус баскынчыларына каршы бирге күрөшөлү» деп, кыргыз башчыларына кайрылуусу тарыхый даректерде да кезигет.

14 Таластагы кушчу уруусунун баатыры Бүргө бул айтылган казак-кыргыз согушунан бир аз илгери (XIX к. башы) жашаган.

[15] Бул окуя 1845-ж. жаз айларында болгон.
[16] Мында: тилмеч деген мааниде.
[17] Кенесарынын чечендеринин бири. Казактар кол салардан бир аз мурун бул жактагы кыргыз урууларынын арасына келип кыдырып, аларды сынап кайткан.
[18] Төрөлөрдүн алдында кызмат кылышкан адамдар.
[19] Ормон-хандын иниси. Ниязбек бийдин байбичесинен сегиз уул, булар «Ниязбектин сегиз бек» атагын алышкан. Экинчи аялынан да сегиз уул болуп, булар Стам уулунун атында. Үчүнчү аялы казак. Түлкү ошол аялынан туулган. Ниязбектен баары 17 уул болуп, фольклордук маалыматтарда Түлкү түндүк кыргыздарынын ичинен алгачкылардан, 1873-75-жылдары Меккеге, ажылыка барып келген.
[20] Солто уруусундагы бөлөкбайдын (каракчы) Жетикашка тукумунан чыккан баатыр.
[21] Сөз чекир саякка караштуу кулжыгач уругунан чыккан Айт уулу Түлкү жөнүндө болуп жатат. Автор адашып, аны Качыке уулу деп берип салган. Тескерисинче. Качыке Түлкүнүн уулу. Ал Ормон-хандын үчүнчү атасы Болот жана төртүнчү атасы Маматкул бийдин тушунда жашаган инсан. Ошондуктан бул согушка катышмак эмес.
[22] Казактардын Улуу жүзүнөн чыккан баатырлардын бири.
[23] Мында: чоң атаң Абылай деген мааниде. Анын кыргыздарга каршы уюштурган бир нече жолку чабуулу тарыхта калган.
[24] Бул жерде берилип жаткан Барак султан (Санбарак) менен Бердикожо чындыгында Абылай-хандын чабуулдарында эмес, б.а. андан мурунку жана кийинки убактарда жортуул жасашкан.
[25] Арзымат уулу. XVIII к. экинчи жарымында каба саяк урууларына тийиштүү түн катар уругун башкарган баатыр. Уламыштарда «хан Садыр» деп да аталат. Абылай-ханга каршы активдүү күрөш жүргүзгөн.
[26] Казак урууларынын жалпы урааны «Алач» (алаш) болгон. «Алты хан алач» - жалпы казак деген мааниге ээ.
[27] Улуу жүз казактарынын ботбай уруусунун бийи. Аны өзүнө Кенесары күч менен кошкон. Бул согушта Ормон-хан менен келишим кылып. кыргыздарга ооп кеткен.
[28] Тоонун аты. Казакстан менен Кыргызстандын ортолорунан орун алган.
[29] Мында: кеңеш, жыйын. акылдашуу деген мааниде.
[30] Жангарач Эшкожо улуу (1801/1802-1864). Солто уруусуна караштуу талкан уругунан. Чүй өрөөнүнүн батыш жагы менен Таластагы солтолорду бийлеген манап. Бул согуштагы белгилүү баатырлардын бири.
[31] Мында сөз солто уруусундагы инсан жөнүндө жүрүп жатат. Мүмкүн Тынаалы болушу ыктымал.
[32] Боромбай Бекмурат (Меңмурат) уулу (туулган жылы белгисиз 1858-ж. өлгөн). Бугу уруусун бийи. Ормон-хандын кудасы. Кыргыздардын ичинен биринчилерден болуп, өз уруусун Россия империясынын курамына өткөргөн.
[33] Балбай Эшкожо уулу (болжол менен 1812-ж. тулуп. - 1867-ж. күзгө жуук Верный (Алматы) чебинде камакта жатып өлгөн). Бугу уруусунан чыккан батыр.
[34] XIX к. орто чендеринде бугу уруусунун ичиндеги кыдыктардын Каракөйнөк тукумунан чыккан бий. Кээде «Каракөйнөк Канай» деп да аталат.
[35] Байтүгөл уулу Медет. Саяк уруусундагы курманкожо уругун башкарган бий. Кокон ханынан «датка» деген наам алган. Болжол менен 1839-ж. өлгөн. Ошондуктан бул согушка катыша алмак эмес.
[36] Ажыбек баатыр Токтобай уулу. XIX к. биринчи жарымында черик урууларын башкарган. Өзү байчубак чериктердин Карагулуулу уруусунан чыккан инсан.
[37] Черик уруусунун башкаруучуларынын бири.
[38] Жантай Карабек уулу (1794-1867). Сарыбагыштын тынай уруусун башкарган атактуу манап. Бул согуштун көрүнүктүү ишмерлеринин бири. Кенесарыны жеңгенден кийин Ормон-хан ж.б. бирге орус өкмөтүнөн алтын медаль, ж.б. сыйлыктарды алган.
[39] Төрөкелди Абайылда уулу (1807-1868/70). Сарыбагыштын черикчи уруусунан чыккан атактуу баатыр. Ормон-хандын аскер башчысы болгон.
[40] Алыбек Кетирекей уулу. Саяктын алагөз уругунан. Ормон-хандын белгилүү жигитинин бири болуп. кийин ага таарынып, бугу уруусуна кетип, Ормон-хандын куну куулган согуштардын биринде колго түшүп, өлтүрүлгөн.
[41] Саяк уруусунун баатыры. Башка маалыматтарда кезикпейт.

[42] Өмүр Чүрүм уулу. Бугу уруусундагы белек уругундагы баатыр. Ал өзгөчө. бугу-сарыбагыш чабышында белгилүү болгон.
[43] Адыл Субан уулу. Ормон-хандын агасынын баласы. Атактуу баатыр. Эл башкарган манап болуп, бул согушка активдүү катышкан. 1860-ж. аны орус бийлиги туткунга алып. Верныйда өлгөн.
[44] Бул жердеги сөз сарыбагыштын тынай уругунан чыккан Түлөөберди жөнүндө болуп жатат. Түлөөкабыл менен Калпак бир тууган. Жообасардын Стамбек деген уулунун балдары. Ормонбек менен Субанбек Атакенин Таштамбегинин балдары. Таштамбекти Атакенин бир тууганы Жообасар багып чонойткон, ошондуктан булар бир айыл болушкан. Кенесары эң биринчи ушулардын айылын чапкан.
[45] Тынаалы Чыны уулу. Солтого караштуу талкан уругунун белгилүү манабы. Чыны болсо Түлөөберди баатырдын баласы болгон.
[46] Солто уруусунун төкөлдөш уругунан чыккан баатыр.
[47] Солтолордун жетикашка уругунан. Жаманкара баатырдын атасы Чоткаранын бир тууганы.
[48] Ажыбек Алчикен уулу, Таластагы саруулардын алакчын уругунан. Айрым бир кабарларда Кокон бийлиги тарабынан 1839-жылдары өлтүрүлгөн. Мындан башка, кийинки, айрым маалыматтарда Ажыбектин ысымын алып, Кокон хандарына тайке болуп жүргөн Асперди Чот уулу жөнүндө да такталбаган көз караштар бар. Бирок, бул ысымдуу инсандар Кенесары султандын чабуулу убагында сарууларды башкарган эмес.
[49] Бул жердеги сөз черик уруусунун башкаруучусу Ажыбек Токтобай жөнүндө жүрүп жатат.
[50] «Жайыл кыргыны» аталган Абылай-хандын кыргыздарга жасаган акыркы чабуулунда уулу Доскулу экөө казактардын колуна түшүп өлтүрүлгөн.
[51] Эсенкул Болот уулу, Ормон-хандын чоң атасы. Оозеки кабарларда 1720-1725-жылдары туулуп, 73 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Кыргыздар Анжияндан (Ысар-Көлөп) кайтып келерде Түндүк Кыргызстанды калмактардын калдыктарынан бошотууга активдүү катышкан жана кыргыздар менен казак урууларынын ортосундагы чек араларды аныктоодо чоң роль ойногон. Казактардын Барак султан, Абылай-хан, Бердикожо баатырлар уюштурган чабуулдардын мизин кайтарууда кыргыз колун жетектеген. Чоң атасы Мааматкул-бий, өз атасы Болот-бийдин көзү өткөндөн кийин оң-сол кыргыздарды башкарган. Турпаты зор болуп, эл башында турганына байланыштуу «Чоң баатыр», «Чоңдугу Эсенкулдай» деген сөз калган. Эсенкул-баатырдын сөөгү Токмокко коюлган.
[52] Тоймат уулу Жанболот. Уругу чекир саяктын ичиндеги чоро. Тайлак баатырдын чоң атасы. 1789-ж. кытай бийлиги аны камакка алган. Бошогондон көп узабай каза болгон.
[53] Бердикожонун чабуулу 1785-1786-жылдары болуп, ал дагы жогорудагы Эсенкул баатыр тарабынан колго түшүрүлүп, өлтүрүлгөн.
[54] Султан Барактын (Санбарак деп да аталат) кыргыздарга кол салышы 1750-ж. март айына чейин болгону соңку кездерде кайрадан такталып жатат (караңыз: Турганбаев Э. Из истории проблемы исследования казахско-кыргызских взаимоотношений XVIII века. /Ютан тарыхы. - №3. - 2006. - С. 73-77).
[55] Кочкор-Ата мазары санжыра маалыматтарында султан Барак (Санбарак) баштаган казак кошууну Эсенкул баатыр башында турган кыргыздардын уруш кылган жери. Бул салгылашуу азыркы Кыргызстандагы Кочкор өрөөнүндө болгондой түшүнүк калыптанып калган. Бирок, кийинки, жаңы изилдөөлөрдө бул жер Казакстандагы Чимкент шаарынын чыгыш тарабындагы Боролдой тоолорунда жайгашкан Кочкор-Ата мазарына жакын жерлерде болушу мүмкүн экени далилденип жатат (караңыз: Турганбаев Э.. Махаеви А.Ш. XVII к. экинчи жарымы мезгилиндеги кыргыз-казак мамилелеринин изилдениш проблемалары. «Жайыл баатыр: тарых, учур жыш келечек» Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Б.. 2006, 77-95 беттер).
[56] Белек кыргыз санжырасында легендага айланган Алсейит менен Бугу эненин небереси Жамангулдун уулу. Оозеки маалыматтарды салыштырууда ал Маматкул, Тынай, Айт уулу Түлкүлөргө замандаш болгон.
[57] Эсенкул баатыр Барак султандын колун талкалаганда колго түшкөн казак баатыры. Азыркы күндө Кочкор өрөөнүндө «Айтактын чабы» деген географиялык аталыш бар.
[58] Кочкор кыштагынын мурунку аталышы.
[59] Канышбек кыя жөнүндөгү легенданын башка варианттары да бар. Ал эми Абылай-хандын Ысык-Көлгө чейин жеткендиги далилдене элек. Тарых барактарында Абылай-хан Таласта жайгашкан урууларга кол салган. Ошондуктан, бул жерде автор тарабынан фольклордук башка маалыматтар' кошулуп кеткенин эскертебиз.
[60] Сөз Кенесары жөнүндө, же анын теги Чыңгыз-хан экени белгиленип жатат.

[61] Кенесары өзүнө кошулбаган казактарды да талап-тоноп турган.
[62] Акыркы маалыматтар боюнча Абылай-хан 1780-ж. кыргыздарга жортуул жасап, кайтып баратып, Түркстанга жакын жерден каза болот.
[63] Элдик фольклордо Тайлак баатырды чабамын деп, Талас аркылуу Суусамырды ашып, Тайлактан жеңилип, каза болот.
[64] Тайлак баатыр Ырыскул уулу ((1800-ж. чен - 1839-ж.), саяк уруусундагы чоро тукумунан. Агасы Атантай менен бирдикте Кокон хандыгынын эзүүсүнө жана Цин империясынын баскынчылык саясатына каршы элдик көтөрүлүштөрдүн башында турган. Кокон бийлиги тарабынан ууланып өлтүрүлгөн. Сөөгү Ак-Талаанын Куртка айылына коюлган.
[65] Талас менен Суусамырды туташтырып турган ашуу.
[66] Эраалы Качыке уулу. XIXк. баш чендеринде жашаган.
[67] Сөз Токтобай уулу Ажыбек жөнүндө болуп жатат.
[68] Ажыбек баатыр аталаш иниси Турдукенин кызын Ормон-хандын Чаргын деген уулуна берген. Булардын аталары Токтобай менен Тоймат бир тууган. Ногойдун балдары. Чаргын Турдукенин кызын алып, балалуу болгондо атын Черикбай коёт. Булардын тукуму азыркыга чейин бар (Черикбай уулу Ыбыш 1977-ж. 90 жашында кайтыш болгон).
[69] Жаманкаранын атасы Чоткара менен Самактын атасы Арбос бир тууган. Ал Күрпүк баатыр менен бирге Жаманкаранын кунун куушуп. Шоорукту өлтүрүүгө катышкан.
[70] Согуш, уруш, тополоң.
[71] Кенесарынын кыргыздарга жасаган 1847-ж. жортуулу.
[72] Эң эле толуп, жеткен чеги. Төгүлүп, бышып турган кез.
[73] Кенесарынын уулу.
[74] Жоокер, эр-азаматтардын жоого кийген кийими.
[75] Жоого кире турган жоокерлердин найза ж.б. куралдардан сактануу үчүн төшүнө кийген жоо кийими.
[76] Колго кийе турган жоо кийими.
[77] Фольклордук маалыматтарда Андаш-баатыр, Супатай бий, Байзак-даткалар кыргыздар менен жакшы алакада болушуп, бул согушта Ормон-ханга байланыш жасашып, Кенесарыга билгизбей, согуш талаасынан чыгып кетишкен деген кабар бар.
[78] Солто уруусундагы чоң урук.
[79] Эшкожо, Канай Түлөөбердинин балдары. XVIII к. аягы XIX к. башында солто уруусун бийлешкен атактуу бийлер. Кенесарынын булардын күмбөзүн талкалаганы тууралуу факт катары айрым окмуштуулардын эмгектеринде да кездешет.
[80] Бөлөкбай (Каракчы) солто уруусунун дагы бир чоң уругу.
[81] Ормон-хан Ысык-Көлдүн күңгөйүнөн келгиче Чүйдөгү солто, сарыбагыш уруулары Кенесарынын аскерин эки күн токтотуп турганын архивдик маалыматтар да тастыктайт.
[82] Т. Абдракунов, ж.б. изилдөөлөрүндө бул аргымактар түркмөндөрдөгү Теке жана Йомуд урууларынан чыккан. Азыркы мезгилдеги Ахал-Теке тукумундагы күлүктөр сыяктуу эле асыл-тукум болуп эсептелишет. Бул согушта Ноорузбайдын минген аты «Кызыл ооз» деген күлүк болгон. Аны Меркенин беги Кенесарыга тартууга берсе, ал иниси Ноорузбайга ыйгарган.
[83] 1847-ж. Кенесары кыргыздарга чабуул баштаганда Ормон-хан Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Байсоорунду (Ананьево) мекендеп турган. Ага кабар жеткенден кийин аскер жыйып, Чүй бооруна согуштун үчүнчү күнү келгендигин архивдик документтер да күбөлөйт.
[84] Сардал - баатыр, кыйын деген мааниде.
[85] Калыгул Бай уулу, кыргыз элинин даанышман ойчулу. Ормон-хан менен төрт ата өтүшкөн тууган жана анын акылман, кеңешчиси болгон.
[86] Куттуксейиттин уулу. Куттуксейит Ормон-хандын атасы Ниязбек менен бир тууган. Шамен сөзгө чебер. чечен киши болгондуктан, кийин Ормон-хандын өлүмүнө байланыштуу бугу менен сарыбагыштардын сүйлөшүүлөрүнө сарыбагыштын башкы өкүлү болуп катышкан. Кочкор өрөөнүнө арык тартырып, азыр ал «Шаменалыш» деп аталат. Кээде ал «Куукулак Шамен» деген ылакап ат менен да белгилүү.
[87] Эсенкул баатырдын Назар деген баласынын уулу. Ормон-ханга жакын тууган болгондуктан. жигиттери менен аттанып барып, Ормон-хан өлүмүнө себепчи болгондордун бири Алыбек Кетирекей уулун байлап. Үмөтаалынын алдына алып келгени санжыраларда айтылып келет.
[88] Ормон-хандын уулдары. Кусубалды деген байбичесинен туулушкан. Чаргындын чын аты Осмонаалы, бала кезинде эркелетип Чаргын деп коюшкан.
[89] Моңолдор уруусунун бийи, Ормон-хан менен чогуу жүргөн.

[90] Бул жерде автор жаңылып жатат. Анткени, Жантай Ормон-хан келгенге чейин эле солто уруусунун бийи Жангарач менен бирдикте Кенесарыга каршы согушуп жатышкан кыргыздарга жетекчилик кылышкан.
[91] Атактуу манасчы Сагымбайдын атасы. Ормон-хандын сурнайчысы болгон.
[92] Мыктысы. тыңы, кыйыны.
[93] Согуш мезгилиндеги аскер кошуундарынын түн киргенде, белгилүү санда бөлүнүп алышып, азыктануу үчүн жагышкан оттору.
[94] Айла, амал деген мааниде.
[95] Курч, өткүр деген мааниде.
[96] Фольклордук кабарларда Кенесары ханды сарыбагыш уруусунан Калча деген жигит бир туугандары менен туткундагандыгы айтылат. Бул факт архивдик документтер менен да далилденет. Кенесарыны туткундаганы үчүн Калча алтын медаль алган.
[97] Сарыбагыш уруусунун майда уруктары. Бул жерде «чечей уругунун адамдары» деген мааниде айтылып жатат.